8

Дүйнөдөгү алгачкы селфи



9

Омар: Балким башка жол бардыр, изделиш керек



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

28-май, 2015-жыл
№: 1(01)
saresep.kg



Орусия Кыргызстанды кошуп пайда таптыбы же...?

5-бетте



Бала кордогон адам

6-бетте



## Президент "Үркүндүн 100 жылдыгына карата" жарлыкка кол койду

Кыргыз Республикасында мамлекетти жана элдин биримдигин бекемдөө ишин илгерилетүү, өлкө тарыхындагы жазыла элек барактарды толтуруу, жарандыкка жана патриоттуулукка тарбиялоо максатында токтом кылынат:

*«Үркүндүн жүрүшүндө набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө сактоо жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн өлкөнүн тарыхындагы жана кыргыз мамлекетинин курулушундагы татыктуу ордун аныктоо Кыргызстан элинин ыйык милдети деп эсептелсин».*

## КТРК "Азаттыктан" саясий берүүлөр үчүн 300 миң доллар алат

"Азаттык" үналгысы менен биргеликте түзүлгөн берүүлөр бир гана саясатты чагылдырууга ыңгайлашкан. Эфирден курч, провакациялык мүнөздөгү темаларды талкуулаш үчүн, АКШнын Конгресси каржылаган коммерциялык эмес маалымат кызматы КТРКга жылына 300 миң доллардын тегерегинде АКШ долларын төлөп берет", - деп белгилейт "Бешинчи канал".





# Таштанды шаарда калды

Төрт күн мурун шаардын түндүк-батыш тарабында жайгашкан таштанды талаасында 3 трактор бузулуп, таштандылар жолго төгүлө баштаган. Шаар жетекчилиги аргасыздан Бишкектин Фере 34 дарегинде жайгашкан турак жайдын короосуна 2 суткалык таштанды төктүргөн.

Профсоюз уюму менен төрагасы Адылов Дуулатбек бардык күнөөнү Бишкек санитардык полигонунун (БСП) жетекчиси Алибек Апазовго жүктөп жатышат. Алардын айтымында: "Таштандыларды түртө турган техника, запастык тетиктер менен учурунда камсыз болбогондугунан, иш токтоп калууда. Ишти жөндөй албаган жетекчи кемчиликтерди айткан жумушчуларды куугунтуктап, айрымдарына эскертүү берип, коркутуп опузалады. Экологиялык коркунуч жарата турган тарптар сакталчу атайын кудуктар толуп калып, колдонулган шприцтер, ооруканалардан чыккан калдыктар жалпы таштандыга аралаш жатат. Биз Өкмөттөн А. Апазовду башка кесипкөй жетекчиге алмаштырып берүүсүн суранабыз. Эгерде бул талаптарыбыз аткарылбаса, Ак үйдүн алдына тынчтык митингине чыгабыз. Бизде мындан башка арга калган жок", – деди.

БСПнын жетекчиси Алимбек Апазов АКИпресске берген жообунда: "Таштанды мафиясы"- деп катуу айтышкан экен. Наразы болгон жумушчулардын негизги жумушунан сырткары полигондо жеке бизнестери бар. Бири полиэтилен идиштерди чогултса, экинчиси картон кагаздарын, дагы бири айнек идиштерин, калгандары кымбат металдарды жана башка нерселерди чогултат. Айлыктары орточо 10-11 миң сомдун тегерегинде. Ошентсе да булардын кызыкчылыгы айлык акыга эмес, таштандыдан экинчи ирет өндүрүлгөн сырьёдон пайда табууга багытталган. Биз "Тазалыктан" бөлүнгөндө алдын-ала боло турган иштерге түшүндүрмө бергенбиз. БСП менен жеке компаниянын ортосунда таштандыларды сорттоо укугу үчүн келишим түзүлгөн. Бул келишимдин негизинде компания мекеменин кассасына ай сайын 1,5 млн сом төгүп турганга даярдыгын билгизген. Бул жерде иштегендердин көбү өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарында "пайдалуу кирешеден ажырап калабызбы", – деп айыгышкан каршылык көрсөтүп жатышат", – дейт.

Бишкектин вице-мэри Алтынай Өмүрбекова аталган мекеменин жумушчулары менен жолугушуусунда коллективдин бирден-бир ультимативдик талабы – директор А.Апазовду кызматтан четтетүү. Андан сырткары тракторлордун тетиктерине каражат жетишпегендигинен, таштандылардын үйүлүүсүн, айлык акылардын кармалышы боюнча айрым бир арызданулар болгонун айтты. "Бирок адистер бардык кагаздарын көтөрүп чыгышып, запастык бөлүктөргө 500 миң сом бөлүнгөндүгүн, тракторлор оңдолуп, саналуу күндөрдөн кийин эле жараксыз абалга келип калгандыгын байкашкан. Бул атайын кылынган ишпи? Муну айталбайбыз, бирок ушуга окшогон моменттер байкалып турат. Аларга жаңы жетекчини шайлап, жаңы мекеменин пайда боло тургандыгын, мыйзамды негизинде эмгектин жаңы шарттарын угузганга чейинки бардык шарттар ыңгайлуу болгон", – дейт вице-мэр.



# КТРК "Азаттыктан" саясий берүүлөр үчүн 300 миң доллар алат

Кыргызстандын коомдук телерадиокорпорациясы АКШнын Конгресси каржылаган "Азаттык" үналгысы менен өнөктөштүктө түзүлгөн саясий берүүлөр үчүн жылына 300 миң долларга чукул акча алат. Бул жөнүндө "Бешинчи канал" айтып берген.

Бүгүнкү күндө КТРК Улуу Британиянын, АКШнын, Кытайдын үч телерадиокомпаниясы менен кызматташып жатат. Бул өлкөлөр менен болгон кызматташтыктын жана каражат бөлүүнүн көлөмү, контракттык шарттары бири-биринен айырмаланып турат. "Кытай терезеси" теледолбоору КЭРдин маданияты жөнүндө баяндаса, "Азаттык" үналгысы менен биргеликте түзүлгөн берүүлөр бир гана саясатты чагылдырууга ыңгайлашкан. Эфирден курч, провакациялык мүнөздөгү темаларды талкуулаш үчүн, АКШнын Конгресси каржылаган коммерциялык эмес маалымат кызматы КТРКга жылына 300 миң доллардын тегерегинде АКШ долларын төлөп берет",-деп белгилейт "Бешинчи канал".

КТРКнын башкы директору Илим Карыпбеков: "Өлкөнүн коомдук каналы ушундай булактарга көз карандуы болуп тургандыгы жакшы эмес. Мындай берүүлөр болсун. Бирок, чет өлкөлөрдүн таасири болбошу керек. Биз дагы бул берүүлөргө көз каранды болбошубуз керек",-деди.

ЖК депутаты Бактияр Кадыров (СДПК) КТРКнын чет өлкөлүк маалымат-аналитикалык берүүлөрүн көрсөтүп жаткандыгына наразычылыгын билдирген. "Мындай ар бир берүү ошол өлкөнүн түшүнүгү менен позициясын калыптандырат. Муну тыйыш керек. Мындай нерсени туш тарабыбыздан көрсөк болот. Андан сырткары корпорациядан биз бир дагы идеологиялык стратегияны көрбөй жатабыз. Алар бюджеттик мекеме катары айлыгын көтөрүп жатышат. Ал эми регионалдык структуралар барган сайын жакырланышууда. Корпорациядагы кемчиликтерди териштирип, гендиректору баш болуп, терең отчетторду көрсөтүшүп, чечим чыгарганын көргүм келет", – дейт эл өкүлү.

## С. Жапаров: «Саясатка кайтуума ата-энем каршы»



Бир тууган инимдин бөйрөгүн алмаштыруу максатында өлкөдөн чыгып кеткениме бир жыл болду. Саясатка аралашпай калганымдын да себеби ушул.

Бийликтегилер менен тил табышкан жокмун. Алдыдагы шайлоого укук алалбасам да, "Мекенчил" партиясы кимдер менен шайлоого барса, ошолорду колдойм. Шайлоонун таза өтөрүнө ишенбейм. Анын жыйынтыгын азыртан эле даярдап коюшкан. Кыргызстандын тарыхында 2010-жылкы гана шайлоо таза өткөн. Шайлоонун жыйынтыгында 3 же 4 төрт партияны алып келишет. Бирөө КСДП болот. Башка партияларды даярдап жатышат. Таза шайлоо үчүн биометрикалык шайлоо деле жакшы болмок. Кандай гана шайлоо болбосун бийлик башындагы адамга көз каранды болот. Партиялардын ирилешүүсүн кубаттайм. Бирок бизге партиялык башкаруу системасы жарашпайт. Бир мандаттуу райондун өзүнүн депутаттары эле шайланып келгени туура экен. Баш мыйзамды мамлекеттин кызыкчылыгына иштей тургандай кылыш керек. Азыркы иштеп жаткан өкмөт болсо күзгө чейин эле иштейт. Шайлоодон кийин жаңы өкмөт түзүлөт. Кыргызстанда өлкө башчылары уурдабай таза иштесе, Европадагыдай деңгээлге жетет. Кыргызстанга балдарым каникулга чыкканда барам. Эч кандай деле иш баштабайм. Ата-энем бир туугандарым саясий иштерге аралашканыма каршы чыгып жатышат.

# Биометрикалык коопсуздук сакталабы?



2014-жылдын 1-сентябрынан тарта Кыргызстандын "шайлоого катышам"- деген жараны биометрикалык маалыматын тапшырууда. Муну менен сапаттуу жана толук статистика түзүлүп, улуттук коопсуздук камсыздалары айтылууда. Буга каршы болгон укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова милдеттүү биометрикалык каттоо "адам укугун бузуп, кылмышкерлерге жол ачат", – деген пикир айтты. Анын айтымында: "Биз паспорт алганда биометрикалык маалыматтыбызды калтыруудабыз. Биздин жүзүбүз сүрөткө тартылат. Ал эми кол изи – бул дактелоскопия. Дактелоскопияга уурулук кылган, же адам өлтүргөн кишинин 10 салаасы түшүрүлөт. Бул өтө сырдуу маалымат. Биздин маалымат кайсыл жакка кетип жатат. Биздин коопсуздугубуз каралып жатабы? Белгисиз? Ар бир маалыматты тапшыргандан кийин жарандар колун коюп берди. Эгерде бул маалыматтар башка жакка тийсе, банктагы каражатын, мүлкүн көчүрүп алганга болот. Кылмышкерлердин арасынан биздин паспорт чыгып атат. Бул паспортторду бекитип бере албаган Мамлекеттик Каттоо Кызматы биздин өзгөчө жеке маалыматыбызды сактап бере алабы?" – , дейт укук коргоочу Төлөйкан Исмаилова.




# Президент “Үркүндүн 100 жылдыгына карата” жарлыкка кол койду

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев “1916–жылдагы каргашалуу окуялардын 100 жылдыгы жөнүндө” Жарлыкка кол койду.

Мамлекет башчысынын Жарлыгында мындай деп белгиленет:

*Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү жана андан кийин болгон Үркүн Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орунду ээлөөгө тийиш. Бирок бул окуялардын болгонуна дээрлик жүз жыл өткөнүнө карабастан, коомубуз алардын себептерин жана кесепеттерин тарыхый жактан объективдүү баалоого муктаж болууда.*

*XX кылымдын башында дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн ири империялардын күрөшү кыргыздардын жана Түркестандагы башка элдердин да абалына терс таасирин тийгизди. Россия империясынын колониалдык катаал саясаты падыша чиновниктеринин жана жергиликтүү төбөлдөрдүн элге кылган кыянаттыгынын айынан ого бетер күчөгөн. Түркестан крайынын көчүрүү башкармалыгы жүргүзгөн жер саясатынын маңызы колониялаштыруу үчүн жерлерди бошотууга багытталып, ал 1916-жылдагы окуялардын түпкү социалдык-экономикалык себеби болуп калды.*

*Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен падышалык саясатка болгон наразычылык улуттук-боштондук кыймылын күчөттү. Түркестандагы жергиликтүү калкты аскердик-ооруктук жумуштарга мобилизациялоо жөнүндө падышанын жарлыгы жапырт каршылык көрсөтүүгө тикелей түрткү болду. 1916-жылдын 4-июлунда Кожент шаарында тажиктер, кыргыздар, өзбектер жана Фергана өрөөнүндөгү башка элдер алгачкы толкундоолорду баштаган. Андан көп өтпөй ар кандай калктуу конуштардагы кагылышуулар бүткүл Түркестанды кучагына алган. Анын кесепетинен жергиликтүү калк жана орус келгиндери жабыр тартышкан.*

*Түркестандын бүткүл аймагы боюнча падышалык жазалоочу отряддар бул көтөрүлүштү мыкаачылык менен баскан. Алар Жети-Суу облусунда өзгөчө мыкаачылык кылышты. Ошол кезде азыркы Нарын, Чүй жана Ысык-Көл облустарында жашаган кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү жанын сактап Кытайга качууга аргасыз болушту. Качкындарды куугунга алышкан. Бул куугундан, анын ичинде ачкачылыктан жана суукка тоңуп жүз миңдеген адамдар каза болгон. Бул каргашалуу окуялардын кесепетинен, тарыхчыларыбыздын пикири боюнча, ушул аймактагы жергиликтүү калктын саны 40 %га азайган. Ашууларда каза болгондордун сөөктөрү азыркыга чейин жерге берилбей калууда.*

*1917-жылдагы Февраль жана Октябрь революциялары кыргыздардын абалын түп-тамырынан бери өзгөрттү. Советтик бийлик орногондон кийин жанын сактап калган качкындарга Кытайдан Кыргызстанга кайтып келүүсүнө шарттар түзүлдү.*

*Падышалык бийликтен айырмаланып, советтик бийлик кыргыздардын жана Түркестандагы башка элдердин улуттук өнүгүүсүнө кеңири жол ачты. 1924-жылы Кара-Кыргыз автономдуу облусунун түзүлүшү менен кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралуусуна негиз салынды. Кыргыз жергесинде жаңы турмуш башталды. Борбордон жиберилген адистер индустриализацияны ишке ашырууга жана маданий революцияны жүргүзүүгө зор салым кошту. Эгерде советтик бийлик орногонго чейин жергиликтүү калктын сабаттуулары болжол менен 1 %ды түзсө, 20 жылдан кийин алардын саны 70 %га чейин көбөйдү. Кыргызстанда профессионалдык искусство пайда болду, кыргыз тили жана маданияты өнүгүүнүн жаңы жогорку деңгээлине көтөрүлдү.*

*Ушуну менен катар эле узак убакыт бою 1916-жыл трагедиясын унуткаруу боюнча ката саясат жүргүзүлүп келген. Акыркы эки он жылдыктагы жарандык коомдун ушул жааттагы айрым демилгелери иш жүзүндө мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынган чечим түрүндө колдоо тапкан эмес. Анын натыйжасында 1916-жылдагы окуяларга тарыхый жактан объективдүү баа берүү, ашууларда каза болгон качкындардын сөөктөрүн жерге берүү, ошол жылы набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө калтыруу маселелери чечилбей калган.*

“Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү жана андан кийин болгон Үркүн Кыргызстандын тарыхында өзгөчө орунду ээлөөгө тийиш. Бирок бул окуялардын болгонуна дээрлик жүз жыл өткөнүнө карабастан, коомубуз алардын себептерин жана кесепеттерин тарыхый жактан объективдүү баалоого муктаж болууда.”

Кыргыз Республикасында мамлекетти жана элдин биримдигин бекемдөө ишин илгерилетүү, өлкө тарыхындагы жазыла элек барактарды толтуруу, жарандыкка жана патриоттуулукка тарбиялоо максатында токтом кылынат:

1. Үркүндүн жүрүшүндө набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө сактоо жана 1916–жылдагы улуттук–боштондук көтөрүлүштүн өлкөнүн тарыхындагы жана кыргыз мамлекетинин курулушундагы татыктуу ордун аныктоо Кыргызстан элинин ыйык милдети деп эсептелсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 1916–жылдагы окуялардын 100 жылдыгына арналган иш–чараларды даярдоонун жана өткөрүүнүн планында төмөнкүлөрдү кароо сунушталсын:

– 1916–жылдагы каргашада адамдар массалык түрдө каза болгон жерлердеги адамдардын сөөктөрүн жерге берүү үчүн зарыл болгон жол–жоболорду аткаруу;

– Бишкек шаарында эстеликти, ошондой эле адамдардын сөөктөрү коюлган жерлерде обелисктерди орнотуу менен 1916–жылдагы окуяларда набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө сактоо;

– 1916–жылдагы окуяларга тарыхый жактан объективдүү баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу тарых илимин өнүктүрүү боюнча Комиссиянын базасында курамына тарыхчы окумуштуулар жана башка гуманитардык илимдердин өкүлдөрү кирген жумушчу топту (мындан ары – Жумушчу топ) түзүү, ошондой эле ушул маселе боюнча илимий–практикалык конференцияларды өткөрүү;

– Кыргызстан элинин биримдигин бекемдөө, жарандыкка жана патриоттуулукка тарбиялоо идеяларын жайылтуу боюнча жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын демилгелерин колдоо;

– ушул Жарлыктын жоболорун аткаруу менен байланышкан иш–чараларды жүзгө ашыруу үчүн финансы каражаттарын бөлүп берүү.

3. 1916–жылдагы улуттук–боштондук көтөрүлүштүн жана Үркүндүн 100 жылдыгына арналган социалдык демилгелерди колдоо үчүн Президенттик социалдык коргоо жана колдоо фондусунан бөлүнсүн:

– 3 000 000 (үч миллион) сом Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык–Көл облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгүнө – ашууларда каза болгондордун сөөктөрүн жерге берүү боюнча биринчи кезектеги иш–чараларды Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жана мамлекеттик башка органдар менен бирдикте аткаруу үчүн;

– 5 000 000 (беш миллион) сом Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигине – 1916–жылдагы окуяларда набыт болгондордун жаркын элесин түбөлүккө калтыруу тууралуу демилгелерди колдоо боюнча биринчи кезектеги иш–чараларды жүзөгө ашыруу үчүн;

– 2 000 000 (эки миллион) сом – Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын “Мурас” Фондуна – 1916–жылдагы окуялар боюнча архивдик жана башка илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, Жумушчу топтун ишинин жыйынтыгы боюнча илимий–практикалык конференцияларды өткөрүү, ошондой эле анын корутундуларын жана тыянактарын жайылтуу боюнча демилгелерди колдоо үчүн.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

# Д. Ниязалиева: “Мектеп жана бала бакча мугалимдеринин айлык акысы 50%га көтөрүлөт”

Кыргызстанда мамлекеттик кызматкерлер эң төмөнкү маяна алганына курсан болуп кызмат кылып келишет. Алардын катарында мугалимдер алдыңкы орунда. Мына ушул мугалимдердин айлыгынын жогорулатылышы, мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн кечеси тууралуу КРнын вице-премьер министири Дамира Ниязалиева «Саресепке» маек куруп берди.



ЖАРКЫН ЖАНЫБЕК КЫЗЫ

**– Окуу жайды бүтүргөндөрдү багытына жараша жумуш менен камсыз кылуу каралды. Ошол боюнча айтып берсеңиз. Кандай тартипте болот?**

– Өкмөт тарабынан кабыл алынган токтомго ылайык гранттык негиздеги бүтүрүүчүлөр жолдомо менен ишке орношушат. Анткени, мамлекет каражат бөлүп окуткандан кийин, жаш адис жиберилген жерге барып 2–3 жыл иштеп, эмгеги менен акташы керек.

**– Жаңы окуу жылынан тартып мугалимдердин айлыгы көтөрүлөт делүүдө. Айлык көтөрүлгөнү менен сааттары кыскарып жатыптыр, ошол эле айлыкты алып калышат экен. Айырмасы жок болуп калбайбы? Анда көтөрүүнүн пайдасы эмнеде?**

– Президент Алмазбек Атамбаевдин тапшырмасы менен билим берүү кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтомдун долбоору макулдашуудан өткөрүлүп жатат. Ага ылайык 1- сентябрдан баштап мугалимдер менен бала бакча кызматкерлеринин айлык акысы 50%га көтөрүлөт. Буга чейин 6 449 сом маяна алгандар эми 9674 сом ала башташат. Долбоорго ылайык орточо деп эсептелген 7192 сом айлык эми 11589 сом болот. Башталгыч класстардын мугалимдери буга чейин 6 миң сом алса, эми 11 миң сомдон ала баштайт. Баштапкы көтөрүлүү толук ишке ашкан соң, мугалимдердин билим тажрыйбасына жараша аттестациядан өткөрүп, мыктылары 2 миң, орточо 1,5 миң жана баштапкы адистер миң сомдон кошумча айлык акы алганга шарт түзүлөт. Учурда маянаны канча пайызга жана кандай ыкмада көтөрүүнүн жолдору талкууланууда.

Быйылкы жылы сентябрь айынан айлык маянасын көтөрүү үчүн республикалык бюджеттен 3 млрд сомго жакын акча каражат бөлүнөт. Ал эми келерки жылы январь айынан баштап айлык акысы көтөрүлүшү үчүн 9 млрд сомго жакын акча каражаты бөлүнүшү керек. Билим берүү жана илим министрлиги Финансы министрлиги менен биргеликте тийиштүү эсептерди жүргүзүп, бул багытта кызуу иш алып барууда.

Мындан тышкары, айлык акысын көтөрүү боюнча тийиштүү токтом долбоору КРнын Өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылып, коомдук талкууга чыгарылган. Апрель айында Ысык-Көл облусуна болгон иш сапарымда Балыкчы шаарында бул токтомдун долбоорун мугалимдердин катышуусунда талкууга койдук. Жакында Ош шаарында мектептердин директорлору менен да талкуу өткөрдүк жана мугалимдер менен жер-жерлерде талкууларды уюштуруп, сунуш-пикирлерди угуп, тийиштүү чечим кабыл алуу тууралуу Билим берүү министрлигине мен атайын тапшырма бердим.

Ал эми министрликтин атайын билдирүүсүнө ылайык сааттар азайбайт. Андай маселе жок. Базистик окуу планын кыскартуу боюнча бүгүнкү күндө эч кандай иш-аракеттер болгон жок.

**– Окуучулар бүтүрүү кечелерин бул жылы кайрадан эле уюштуруп жатышат. Көп акча-каражат чогулткан мектептер бар. Муну токтотууга болбойбу?**

– Республиканын жалпы билим берүү уюмдарында 2014–2015-окуу жылын жыйынтыктоо боюнча “Акыркы коңгуроого” арналган салтанаттуу иш-чараларды татыктуу өткөрүү, коопсуздукту сактоо менен бирге мыйзамсыз акча топтоо жана башка терс көрүнүштөрдү болтурбоо максатында премьер-министр Темир Сариевдин тапшырмасына ылайык бүгүнкү күндө бул иш-чараны уюшкандыкта өткөрүү боюнча кызуу иш-аракеттер жүргүзүлүүдө.

Мектепти мурда аяктап кеткен бүтүрүүчүлөр тарабынан спирттик ичимдиктер менен коштолгон оюн-зоокторду өткөрүүгө тыюу салуу менен, мектептердин мурдагы бүтүрүүчүлөрү тарабынан спорттук мелдештерди өткөрүү, өз мектебине оңдоп-түзөө иштерине, эмерек, окуу куралдары менен камсыздоодо тийиштүү колдоо көрсөтүү маселелерин кароо тапшырылган. Бул боюнча Билим берүү жана илим министрлиги иш алып барууда.

2015-жылы 29-майда саат 9.00дө бардык билим берүү уюмдарында окуу жылынын аяктагандыгына байланыштуу иш-чаралар өткөрүлөт. Премьер-министрдин тапшырмасына ылайык Өкмөт мүчөлөрү, облустардын губернаторлору, акимдер жана ар бир айыл өкмөт башчыларынын активдүү катышуусу күтүлүүдө.

Билим берүү уюмдарында өткөрүлүүчү салтанаттуу иш-чаралар билим берүү башкармалыктарынын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу, укук коргоо органдары жана ата-энелердин катышуусунда өткөрүлөт.

Министрликтин атайын буйругу менен республиканын жалпы билим берүү уюмдарынын директорлоруна салтанаттуу иш-чараларды өткөрүүгө мыйзамсыз түрдө акча жана башка чогултууларды жыйноого, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин катышуусу менен оюн-зоок жайларында, кафе-ресторандарда жана табиятта иш-чараларды уюштурууга тыюу салынууда.

Бишкек, Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын жана райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жетекчилерине иш-чараларды өткөрүү учурунда техникалык коопсуздукту, окуучулардын өмүрүн сактоо үчүн билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин административдик жоопкерчилигин күчөтүү, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн жооптуу кызматкерлери тарабынан күнү-түнү күзөт уюштуруу каралууда.

Салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү үчүн жеке жоопкерчилик райондук, шаардык билим берүү уюмдарынын, мектеп администрацияларынын, класс жетекчилердин, ата-энелер комитеттеринин төрагаларына жүктөлгөн.

## «Акыркы коңгуроо» мектептерде 29-майда жаңырат

«Акыркы коңгуроо» аземинде окуучулардын коопсуздугун милиция кызматкерлери камсыздай турганын Бишкек ШИИБ маалымат кызматы билдирди.

Майрамдык салтанаттуу кече 29-майда белгиленген. Коомдук тартипти камсыздоо үчүн Бишкек ШИИБ райондук бөлүмдөрү тарабынан иш-чаралардын планы иштелип чыкты.


Акыркы коңгуроо мектептерде 29-майда жаңырат.

Бардык мектептерге милиция кызматкерлери бекитилип, тартипке жооптуулар дайындалган. Жалпы жолунан коопсуздукту камсыздоо үчүн шаардык милициянын 500 кызматкери тартылат.

Иш-чара учурунда жол-кайгуул кызматы да четте калбастан, жолдогу кыймылды көзөмөлгө алат.

Учурда билим берүү мекемелеринин жетекчилиги жана окутуучулары үчүн өзгөчө кырдаал учурундагы аракеттер тууралуу атайы түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.






# Орусия Кыргызстанды ЕАЭБке кошуп пайда таптыбы же...?

**Кызыктай жагдай пайда болду. Учурда кыргыз эксперттери чек ара маселеси Тажикстандын ЕАЭБке кошулуусу менен чечилет деп үмүттөнүүдө. Демек кыргыз бийлиги да ошого үмүт артып, чек араны тактоо мөөнөтүн узартат. Мындай пикирлерин, орусиялык эксперт Александр Воробьев жазган.**

ОРОЗГҮЛ АРСТАНОВА

Кыргыз парламенти Евразия экономикалык биримдигине (ЕАЭБ) кошулуу документин ратификациялады. Ратификацияга президент Алмазбек Атамбаев да кол койду. Орусия Кыргызстанды ЕАЭБке кошуу менен пайда табабы же дагы бир чыр-чатактын ортомчусу болобу?-деген суроолор пайда болууда. Буга карата lenta.ru сайты саресеп салып көрдү.

Учурда Кыргызстандын аталган уюмдун толук кандуу мүчөсү катары иш баштоосуна эки кадам калды. Биринчиси техникалык: тактап айтканда биримдикке мүчө өлкөлөрдүн парламенттери документти ратификациялоосу керек. Экинчиси, реалдуу кадамдардын бири болгон – чек ара. Бишкек коңшулаш Өзбекстан, Тажикстан жана Кытай ортосундагы чек араны даана такташы зарыл. Бул маселе сырттан жөнөкөй көрүнгөнү менен, Борбордук Азиядагы эң чоң көйгөйлүү маселелердин бири.

Чек араны тактоо аяктаса, Кыргызстан биримдиктин алкагында толук кандуу иштеп баштайт. Андан соң гана Орусия, Казакстан жана Белоруссия Кыргызстанга бардык эшиктерин ачат. Регламент боюнча, бардык бажы посттору жаңы шартка жооп берген техникалык жабдуулар менен камсыздалуусу керек. Азыр Кыргызстан Кытай менен болгон чек арасында, Манас жана Ош эл аралык аэропортторунда мындай иш аракеттерди жүргүзүүдө. Бул иш-чаранын баары Орусия бөлгөн 200 млн доллардык грант менен каржыланууда.

Бирок, Өзбекстан менен Тажикстандын чек арасындагы көзөмөл пункттарга жаңы жабдыктарды коюу маселе жаратат. Анткени алар менен Кыргызстандын ортосундагы чек ара боюнча бир пикирге келе элек. Анклавдарды эске алганда эле, бул маселенин учугу узун болчудай. Кыргызстандын ичинде Тажикстандын Ворух, Өзбекстандын Сох жана Шахимардан анклавдары бар. Өзбекстандын чегинде болсо Кыргызстандын Барак анклавы жайгашкан. Анклавдарда улут аралык чырлар тез-тез эле чыгып турат. Мындай көрүнүштү борбордук бийликтегилер кээде саясий курал катары да пайдаланган учурлар кездешет. Ошондой эле Бишкек менен Дүйшөмбү жана Ташкенттин сүйлөшүүсүн суу, энергетика жана этникалык маселелер татаалдантып келет.

### Чек арадагы инциденттер кадыресе көрүнүш

Кыргызстандын чек арасындагы чыр-чатактар былтыркы жылдан бери ырбаган абалга келген сыяктуу. 2014-жыл башынан алып караганда эле, мисалы январда, июлда жана августта чек арада атышуу болгон. Алардын баарында адам өмүрү кыйылган. Бул жылы да адаттагыдай эле көрүнүш. Күн мурун чек арада чыр чыгып, анда дагы Кыргызстандын бир жараны мерт болду. Мындай инциденттер карапайым калкка да, чек арадагы аскерлерге да зыянын тийгизип келүүдө.

> Анклавдарда улут аралык чырлар тез тез эле чыгып турат. Мындай көрүнүштү бийликтегилер саясий курал катары пайдаланган учурлар бар.

### Фергана маселеси

Чек ара чырынын тамыры тээ тарыхка узарат. Совет тарыхын эске алганда Фергана өрөөнү экономикалык, саясий, маданий бир бүтүн катары белгилүү. Кокон хандыгынын калдыгы болгон Фергана Совет доорунда өз алдынча автономия болуп баштаган.

Аймактагы анча-мынча маселелерге Москва ортомчулук кылган. Тактап айтканда этникалык конфликттер үчүн арбитраж болгон. СССРдин таркашы менен кырдаал өзгөрдү. Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстан эгемендүүлүккө ээ болуп, Фергана өрөөнүндө улуттук кызыкчылыктар биринчи орунга чыгып баштады.

Албетте чек ара боюнча эч кандай маселе чечилбеди дегенден алыспыз. Өзбекстан менен бир канча километр аймак такталган. Бирок 1400 чакырымдын 390ү ушул убакка чейин такталбай турат. Тажикстан менен Кыргызстандын ортосундагы чек ара маселеси олуттуулугу жагынан кем эмес маселе. Такталбаган аймактардын көпчүлүгү тоолуу жерлер болгондуктан, бул көйгөй дайыма экинчи планда калтырылып келген.

### "Көзүр" карта

Бишкек менен Дүйшөмбү чек ара боюнча бир пикирге келе албай, СССР убагындагы карталарды далил катары кароого өттү. Былтыр ушул максатта Орусиянын архивинен эски карталарды карашкан. Дүйшөмбү 1920-жылдагы картаны негиз тутса, Кыргызстан 1950-жылдардагы картанын негизинде делимитация жана демаркация иштерин жүргүзүү керек деген пикирде.

### Маселе канткенде чечилет?

Бул жерде баса белгилей турган жагдай пайда болду. Учурда кыргыз эксперттери чек ара маселеси Тажикстандын ЕАЭБке кошулуусу менен чечиле турганына үмүт артууда. Демек борбордук бийлик да ошого үмүт артып, чек араны тактоону улантат. Анткени Тажикстан биримдикке мүчө болуу ыктымалы да бар. Эгер Тажикстан биримдикке кошулса анда бардык чек аралар интеграциялык деп саналып, чыр-чатактар басаңдайт жана Москва кайрадан "арбитраж" ролуна өтөт. Бирок, мунун да терс жактары бар. Кыргызстан чек ара маселесинен убактылуу арылса да, ЕАЭБдин ичинде ырбаган чырдуу кырдаал пайда болот. Чек ара тартыштары Борбор Азиянын жаңы тарыхында бир күн келип, "жарыла" турчу маселелердин бири бойдон кала берүүдө.



# Балам кайда, мен кайда

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

**Кыргызстан жумушчу күч экспорттогон мамлекеттерден. Расмий статистикага таянсак жылына өлкөдөн 350 миңден 700 миңге жакын жараныбыз жумуш издеп чет жакка чыгып кетишет. Мигранттардын көбү үй-бүлөлүү болгондуктан, кароосуз калган балдардын саны жыл санап өсүүдө.**

Мигранттардын Кыргызстанда калган балдарынын тагдыры жөнүндө акыркы убактарда көп айтыла баштады. Ата-энеси тарабынан жөнөтүлгөн каражат өспүрүмдөрдү материалдык жактан камсыздаганы менен, тарбияга келгенде өксүктөр көп болууда. Ата-эненин тарбиясы жок өсүү жаш балдарда кандай көйгөйлөр жаратkандыгы жөнүндө соцпедагог Гүлмира Жумакадырова: "Ата-энеси чет жакта жүргөн балдар өз алдынча болуп калышат. "Эмнең кем, эмнең бар?" деп эч ким сурабайт, ошол себептүү алар каалаганын жасашат. Башка балдардан айырмаланып жүздөрүндө кусалык, сагынуу байкалып турат. Көп учурда негативдүү эмоцияга, стресске алдырышат," – дейт. Соцпедагогдун айтымында ата-эне мээриминин жетишсиздигинен, жакындарынын уртокмогуна кабылышып, айрымдары түнт тартып кетишет. Кыйынчылыкта жанында жөлөп-таяр адамы болбогон соң, сырткы чөйрөдөн оолактай башташат. Ошондуктан мындай өспүрүмдөр психологдун жардамына муктаж.

Мигранттар акча табуу максатында сыртка кеткенде балдары көпчүлүк учурда кароосуз калат. Мындан улам кээ бир өспүрүмдөр кылмыштуулукка барышат. Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча 2013-жылы 17 жашка чейинки 1314 өспүрүмгө кылмыш иши козголсо, 2014-жылы жашы жете элек балдарга каршы жасалган 909 кылмыш катталган.

"Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча өспүрүмдөр 14 жашынан баштап жазага тартылат. Алар үчүн атайын жаза өтөө мекемелери бар. Өспүрүмдөр уурулук, тоноо, баңгилик сымал кылмыштар менен колго түшүшөт. Жеке маалыматтарын тактап, ата-энесин сураштырып келгенде көбү туугандарынын колундагы же чоң ата-энелери карап жаткан мигранттардын балдары болуп чыгат. Жоопкерчиликке келгенде, балдарды карап жаткан адамдар, ата-энелери менен байланышуубузду өтүнүп, милдетти моюндоодон качышат,"– дейт укук коргоо кызматкери Бектен мырза.

Адистердин пикиринде окууга кайдыгер караган, зордук-зомбулукка кабылган, кылмыш жасаган, түрдүү запкы жеген өспүрүмдөрдүн көбү ата-энеси сыртта иштеп жүргөн, таята-таене, чоң ата-эне же башка туугандарга ташталган мигранттардын балдары болуп чыгат.

Үч жылдан бери Орусияга кеткен кызынын уулун баккан Жумагүл апа карылыгы белден алганын айтып, тагдырын төмөнкүчө баяндай кетти: "Кызым 2010-жылы турмушка чыккан. Балалуу болгон соң жумушсуздуктун айынан, неберемди мага таштап күйөө балам экөө Орусияга соода кылганы кетишкен. Жылына бир жолу баласын көргөнү келип турушат. Акчасын акчадай жөнөтүшөт, бирок жанды кейиткени неберем ата-энесинин жанында өспөй жатканы. Эгер кокустан мага бир нерсе болсо, неберем өз ата-энесинин жанына барат, ошол учурда кыйналып калат го деп корком".

Биз сөз кылып жаткан көйгөй психологдордун айтымында өтө олуттуу маселе. Ата-эне менен баланын ортосунда байланыш үзүлгөндө, аны кайрадан улоо кыйынга турат. Себеби баланын келечеги ата-эне менен болгон мамилеге негизделет. Өз алдынча өскөн өспүрүмдүн көзүндө ата-эненин абройу каржы булак деңгээлине түшөт.

17 жаштагы Гүлайым Тойчубекованын ата-энеси көп жылдан бери Орусияда эмгектенишет. Гүлайымдын айтымында ал таята-таенесинин колунда чоңойгон. Ата-энеси менен телефон аркылуу гана байланышып келет. Каарманыбызды кепке тартканыбызда: "Мен 9 жашымдан бери таенемдердин колундамын. Апамдарды акыркы жолу 3 жыл мурун көргөм. Телефон аркылуу гана кабарлашып турабыз. Башында сагынып ыйлачумун, убакыттын өтүшү менен көнүп кеттим, "– деп жооп узатты.

Ата-эне тарбиясы, мээрими эмне экенин билбей өскөн өспүрүмдөр келечекте коомдун толук кандуу мүчөсү боло албайт. Ошондуктан ата-эне чыныгы байлыкты чет жерде эмес, балдарынан издесе абзел, деп белгилешет адистер.

# Бала кордогон адам

Жетим балдар асыраган Ала-Тоо өнүктүрүү борборунун психологу Гүлшайыр Жунусованын эксперттик көз-карашы.

ГҮЛМЕЙИЗ АКМАТАЛЫ КЫЗЫ

**– Эмне себептен улам наристелерге болгон зордук-зомбулук күчөөдө?**

– Адамдын көптөгөн психикалык оорулары бар. Башка рух илдеттери сыяктуу эле, педофилия менен да инсан ички көйгөйлөрү көбөйүп, аракечтик сыяктуу оор илдеттерге кабылганда ооруйт. Табиятындагы оң сапаттарынан алыстап, терс сапаттарын көзөмөлдөн чыгарат. Ошондо, өзүнөн алсызыраак бирөөнө зордук-зомбулук кыла баштайт.

**– Кээ бир адамдар "интернеттен бузуку нерселердин жайылып жатканы" буга себеп дешет?**

– Интернет гана эмес. Зөөкүр адамдын көпчүлүгү интернетти дайыма колдонгондорго кирбейт. Адам руханий туңгуюкка кабылганда, андан кандай чыгаарын билбей, ушундай кылмышка барат. Интернет жана башка социалдык тармактардагы окуялар көбүнчө жаштарга таасир берет.

**– Социалдык жана чыныгы жетимдиктин таасири барбы?**

– Социалдык жана чыныгы жетимдик негизги себеп эмес. Бала дене түзүлүшү жана руханий-интеллектуалдык жактан алсыз болот. Ал чоң адамдарга көз каранды, чоңдорго толук ишенет. Адистер бала менен 15 секунд сүйлөшүп, уурдап кетсе болоорун аныкташкан. Ошондуктан алар жакын улуу адамдардын камкордугуна муктаж.

**– Улуу муун эмне себептерден улам айбандык сезимдерге алдырууда?**

– Учурда зөөкүрлүктүн бир нече себеби бар. Мисалы, жалпыга маалымдоо каражаттары адамдарга оң, маданий жактан өстүрө турган нерселерди көрсөтпөстөн, адеп-ахлакка жат нерселерди сунууда. Андан сырткары, Кыргызстандагы жашоонун туруксуз болгондугу, адамдардын баңгизат жана спирт ичимдиктерин ашкере колдонуусу да негизги себептерден. Инсандык үлгүнүн жоктугу, тетири жакка кетүү жеңилдиги да педофилияга түрткү берет.

**– Жакшы ата эне болуунун кандай үлгүсүн сунуштайсыз?**

– Ата эненин жүрүм-турум моделинен бала өзүнүн келечектеги моделин түзүп баштайт. Аял болобу эркек болобу, дайыма өзүнө сересеп салып, өзүнүн оюн туура багыттап, күчтүү инсан болууга умтулуу керек. Ошондо гана "Биз үй-бүлөдө кандай ата-энебиз? Туура таасир, сүйүү менен баланы торолтуу керек" деген ойлор келет.

**– Коомдо болуп жаткан бул көйгөйдү токтотсок болобу. Кантип токтотуу керек?**

– Сөзсүз токтотуш керек. Качан кыргыздарда кичинекей баланы зордуктоо деген болгон? Руханий баалуулуктарды жоготуп, баланы багууда материалдык гана шарттарга көңүл буруп калдык. Биз ушундай ыргак менен кетсек, мындан аркысы жаман болушу мүмкүн. Руханий жактан өсүшүбүз үчүн ата-энелик сезимдерди күчөтүүбүз керек. Ошондо гана чексиз жакшы нерселерге жетише алабыз.



# Балык кармоого да маданияттуулук керек

Кыргызстандагы балык чарбасынын гүлдөп турган учуру 1975-1980-жылдарга туура келет. Ал кезде республикада бир жылда 1,5 миң тонна балык багылган. Эгемендикке жеткен соң, башка тармактардай эле балык чарбасы да солгундап кеткен. Акыркы жылдары бул тармак жанданып, балык чарбасы менен алектенгендердин саны өсүүдө. Кыргыз Республикасынын 2009-жылдагы №561 "Табигый жана жасалма көлмөлөрдө балык чарбасын өздөштүрүү жана пайдалануу жөнүндөгү Токтомунун" негизинде балыктарды өстүрүп иштеткенге кенен мүмкүнчүлүк ачылган. Балык уулоо департаментинин директору Самарбек Күчүков бул тез өнүгүп жаткан тармак тууралуу кийинкилерге токтолду.

ГҮЛМЕЙИЗ АКМАТАЛЫ КЫЗЫ

Балык чарбасынын өсүшүн, расмий жана расмий эмес деп, эки өңүттөн караса болот. Мамлекеттик статистика комитетинин маалыматы боюнча кийинки эле үч жылда өсүү тенденциясы көрүнөт. Мисалы мурдагы жылы 605 тонна балык өндүрүлгөн болсо, былтыр 805 тоннанын тегерегинде болду. Расмий эмес булактар боюнча 2000 тоннанын тегерегинде балык кармалат деген маалыматтар бар. Форель деген балык, кыргыз тилинде түстүү жалаңгир деп аталат. Бүгүн мунун уруктары жана тоютунун 90%ы импорттолот. Аны өстүрүү өтө кымбат жана түйшүктүү. Суунун температурасы 14-16 градус болуш керек. Мындай температураны агын суулар гана кармайт. Балык чарба департаменти бул багытта чет өлкөлүк донорлор жана эксперттер менен тыгыз иштеп жатабыз.

Кээ бир жеке ишкерлер Кыргызстандын балык чарбасын 100 миң тоннага жеткирүүгө болот дешет. Муну "идеалдуу үмүт" деп койсок болот. Өзүбүздүн муктаждыгыбызды канааттандырсак деле чоң ийгиликке жетебиз. Балык чарбасын эки негизги багытка бөлсөк болот. Балык уулоо жана аква-маданият деп. Көлмөлөрдү жасап балык өстүрүүнү аква-маданият деп коёт. Союз учурунда республикада балык уулоо багыты жакшы деңгээлде болчу. Ошол эле Ысык-Көлдө бир жарым миң тоннага чейин балык кармалчу. Бүгүн расмий түрдө "бир да тонна кармалат" деп көрсөтө албайбыз. Себеби 2003-жылдан балык уулоого мораторий киргизилген. Кийин атайын мыйзам кабыл алынган. Бул мыйзамдын мөөнөтү 2013-жылдын аягында бүткөн. Ысык-Көлдүн потенциалын колдоно албай атабыз. Ошон үчүн бүгүнкү күндө биз азыр ошол мораторий алынгандан кийин коомчулука жана мыйзам бузуучуларга биз жаңы сунушту беришибиз керек биз азыр ошонун үстүндө иштеп атабыз.

Аква-маданиятка келсек эң прогрессивдүү ыкманы "садок" деп коёт. Бул интенсивдүү индустриялык ыкма дүйнө жүзүндө өтө өнүгүп жатат. Экинчи ыкма, кандайдыр бир территориялык шартты түзүү. Мисалы аймактагы жергиликтүү калк менен сүйлөшүп, аларга сууларды бөлүп бериш керек. Алардын жана мамлекеттин укук чемемин белгилеп беришибиз керек. Мисалы биздин департаменттин укук ченеми илимий изилдөө жана көзөмөл нормативдүү укук актыларын чыгаруу менен чектелиш керек. Ал эми, жергиликтүү калк балык өстүрүү жана аны коргоо жана кармоого көп көңүл буруш керек.

Бүгүнкү күндө мыйзамсыз балык кармагандар көп. Былтыр 2014-жылы 20-мартта Жумгал районунда тегерек стол өткөргөнбүз. Мораторий киргизилген Соң-Көлдөн бир жылдын ичинде 350 тонна балык кармалат деп өздөрү моюнга алышты. Адистер да макул болуп беришти мен күбө болдум.

Мораторийдин бүтүшүнө Токтом долборун токуп чыкканбыз. Токтом жарык көрсө жаңы саясаттын негизинде иш жүргүзөбүз. Мыйзамсыз балык уулоону дароо токтотуш кыйын. Балык кармоо мыйзамдаштырылса, туура эмес нерселерге жетиштүү деңгээлде бөгөт коюла баштайт. Токтомдун расмий уюмдар менен макулдашуу этабына бир жыл кетти. Иштин 95%ы бүтүп, кол коюу алдында турат.

2013- жылы 90 рейдде 380миң сом айып пул салынган болсо, 2014-жылы бир миллиондун тегерегинде айып пул салынган. Соттолуп кеткендер да бар. Сот процесси опурталдуу өтөт. Жергиликтүү соттор кандайдыр бир себептерди таап токтотуп койгон учурлар бар. Ошол эле Жумгал району боюнча эки атуулду сот актап койгон. Айып пул да арзан эмес. Бир килограмм балыкка миң сом тегерегинде салынат. Он болсо 10 миң сом, 100дү эсептегенде 100 миң сомго чейин жетет.

Балык кармоонун техникасы өстү, мисалы кытай торлору арзан. Балыкты жок кылуу менен бирге балыктын жашоосуна керектүү суунун био-экологиялык сапатын да бузуп жатышат. Көлдөрдү кытай торлорунан тазалоо жай айларында кылынат. Бул иш өтө чоң каржыны талап кылат. Тилекке каршы бүгүнкү күндө мамлекет тараптан финансы каралбайт. Ошого карабастан кандайдыр бир булактарды таап, колдон келишинче иш жүргүзүп жатабыз.

Биздин коомчулуктун маданиятынын төмөндүгү Ысык-Көл чабагынын жок болуусуна алып келүүдө. Балыкка аяр мамиле кылбай, кытай торлору ж.б массалык түрдө залал алып келген ыкмаларды колдонуп атышат. Көлгө коё берилген судак – балыктын карышкыры, бирок эң көп зыян адамдан келүүдө. Бизде 700 миң гектардын тегерегинде суу бассейн аянт бар. Бүгүнкү күндө чектелүү шарттар менен өлкөдө балык запасы канча экенин айтыш кыйын.

Балык фосфор, кальций, натрии, калий, йод сыяктуу минералдык азыктарга бай келет. Ошондуктан балык өстүрүү жана аны менен азыктануу пайдалуу. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун берген маалыматына таянсак, адам жылына эң аз дегенде 20 кг балык жеш керек. Ал эми, Кыргызстанда бул көрсөткүч 1 килограммдан бир аз ашат. Биздин көлдөрүбүз кышкысын тоңбойт. Ошон үчүн бизде балык өстүрүүгө жакшы шарттар бар.



# Балыктардын башын чочко жутту окшойт



ГҮЛМЕЙИЗ АКМАТАЛЫ КЫЗЫ

Сокулук районунун Романовка айылында, туташ алты көлмөнүн жогору жагында, орун алган чочко фермадан аккан нажасаттар балыктарды уулантканы деп айтылууда.

Көлмөдөгү ферманын суусу булганып, балыктары өлүп калган. Бул тууралуу көлмөлөрдүн ээлери Борис Савченко менен Владимир Смышляев "чочко фермасынын агындылары аймак үчүн экологиялык катастрофа" дешкен. Алардын айтуусунда, бул көлмөлөрдөн аймактагы талаалар да сугарылат. Ушундан улам аймактын эли чочко фермасынын ээси болгон коңшу айылдык кеңештин депутаты Евгений Мартыновду сотко бермекчи болушууда.

Сокулук районунун Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын аймактык башкармалыгынын жетекчиси Талантбек Борочоров балыктардын кырылышына себепчи болгон чочко фермасынын ээсине, КРдин административдик кодексине ылайык, протокол түзүлүп,15 миң сом айып пул салынган. Муну менен бирге бул окуяны Сокулук райондук прокуратурасы өз көзөмөлүнө алып экологиялык экспертизанын жыйынтыгын күтүүдө.

Буга чейин санитардык эпидемиологиялык департаменти суунун курамын текшергенде кээ бир уулуу заттардын көлөмү нормадан 300 эсе көп болуп чыккан.

Уулнган балыктарды кимдир бирөө албаш үчүн көлмөнүн айланасы экология кызматкерлери тарабынан корулуп жатат.

# Селфи-таякчасынын икаясы

**Башында АКШда пайда болгон "селфи" делген сүрөткө түшүү ыкмасы көптөгөн адамдардын кызыгуусун жаратып ооруга айланып бараткандай сыяктуу туюлат? Секелектерден баштап, сакалына ак түшкөн адамдарга чейин селфи сүрөтүнө түшүүнү адатка айландырышты. Мындай сүрөткө түшүү көп адамдарга жакса, кээ бирлеринин кыжырын кайнатат.**

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

1926-жылы чоң ата-энеси эң биринчи селфи-таякчасын таап чыккан деп талашып жаткан англиялык Алан Кливер далил катары сүрөттү жарыялаган.



Камераны кармап тура алган телескоптук узарткыч керек болгондуктан селфи-таякчасын 2000-жылы жапондуктар ойлоп табышкан. Ошол кезде алардын селфи-таякчасы "Жаподуктардын 101 кереги жок ойлоп табылган нерселери" китебине кирген.

2005-жылы канадалык Уэйн Фромм селфи таякчасына окшош моноподду сатууга чыгарган. Бирок ал жасап чыккан монопод атайын профессионал-сүрөтчүлөр үчүн болгондуктан кымбат болуп эл сатып албай койгон.

Азыр колдонулган селфи-таякчасын 2013-жылы Австралиянын Kogan.com ишканасы чыгарган. Мындай таякчанын узундугу 95 сантиметрге чейин жетет жана салмагы 150 грамм.

2014-жылы "Time" журналы мындай моноподду "эң жакшы чыгарылган буюмдардын" катарына кошкон.

Моноподду колдонууга көп мамлекеттер макулдук берген эмес. Мисалы Англиянын премьер-лигасына кирген футбол командаларынын оюндарына селфи-таякчасын алып кирүүгө тыюу салынган. Орусияда болсо театр, ресторан жана башка жерлерге монопод менен кирүүгө болбойт.





## Сүрөткө тартуучу тарелка

Израильдин вино жасоочулары менен ресторатрлору биргелешип айланган табак ойлоп чыгышты. Мындай тарелкалар атайын ресторандын кардарларына арналган. Тарелка атайын телефон коюла турган жери менен жасалып, салынган тамакты сүрөткө тартуу мүмкүнчүлүгү бар. Биринчи табак кара түстө болгондуктан, салынып келген тамакты телефондун вспышкасы менен сүрөткө тартыш керек.


Тарелканын экинчи түрүнүн биринчисинен айырмасы салынган ашты тегеретип тартса болот. Мындай кызыктуу тамактануу «фудография» деген ат алды. Мындай табактар сатылбайт, бирок 150 доллар төлөп мастер-классына катышуу мүмкүндүгү бар.

## Элдин баарын таңгалдырган "селфи-кол"

Жакында америкалык фото сүрөтчү Жастин Кроуи "селфи-колду" ойлоп тапты. Адамдын колунун формасында жасалган монопод селфи тартуу учурунда сүрөткө адамдын колу менен кошо түшөт. Бул селфиге түшүп жаткан адамдын колунан бирөө кармап тургандай иллюзия берет.

Селфи-кол сүйүктүүсү жок адамдарга арналган делип айтылган. Себеби социалдык тармактарда селфи колду пайдаланып, "менин сүйүктүүм бар" деген фото демонстрацияны чыгарса болот. Анын эң негизги ыңгайсыздыгы – баасы. Селфи-кол айнек пластигинен жасалып, баасы 6 миң долларды чапчыйт. Бирок биз үчүн бул чоң проблема эмес, анткени коңшубуз Кытай жакын арада буга окшош нерсени арзан баада бат эле чыгаруусу ыктымал.





## АКШдан чыккан селфи-туфлиси

Музейлер менен кээ бир концерттик программаларда коопсуздук кызматы селфи-таякчасын алып коюшуда. Муну алдын алуу максатын көздөгөн адамдар селфи-туфли ойлоп чыгарышты. Мындай бут кийимди кийген соң уюлдук смартфонду туфлидеги орунга коюп, бутту жогору көтөрүп, буттун бармагы менен атайын жасалган баскычты басуу аркылуу өзүн өзү тартса болот.

Өндүрүүчү азырынча айымдарга гана арналган туфлилерди чыгарган. Ал эми адамдардын көпчүлүгү селфи-туфлини 1-апрель күнүнө карата кылынган тамаша катары түшүнүүдө. Кээ бири болсо бул бут кийимди жөн гана реклама болушу мүмкүн деген ойлорун билдирген. Селфи-туфлиси интернет дүкөндөрүндө 199 АКШ долларга бааланып сатыкка чыгарылды.



# Омар: Балким башка жол бардыр, изилдениш керек

**Таланттуу ырчы Омар дайыма руханий-интеллектуалдык өсүүгө аракеттенген жигит. Балким жакында ырчы гана эмес күчтүү экономист катары таанылышы мүмкүн. Эмнеге деген суроо жаралат, албетте. Анда бизге берген маегине көңүл буруңуздар.**

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

**– Саламатсызбы Омар мырза, жакында кандай жаңы проекттерди сунасыз?**

– Май айы мен үчүн экзамен мезгили болуп жатат. Бирок ага карабастан жаңы ырлар жазылып, клиптер тартылды. Кудай буюрса, жакын арада дагы бир жаңы ыр жазылганы турат. Концерттик программаларга келген болсок, 31-августта Ала-Тоо тойканасында жеке чыгармачылык кечем болот. Кече патриоттук темада даярдалып, кошумча программалар менен коштолот. Жеке кечеме үч ай убакыт бар. Бул аралыкта программаны жакшы ийге келтиребиз деп ойлойм.



**– Жубайыңызга кандай жар болмоксуз?**

– Жашоодо мен “мындай же тигиндей адам болом” деп алдын ала айта албайм. Антип айткан өзү туура эмес. Колдон келишинче жакшы болгонго аракет кылабыз. Мындай ниеттин өзү жакшы. Менимче, адам өзүн өзү оңдой алган болсо, сөзсүз жакшы үй бүлө куруп кете алат.

**– Сизди эмне таасирлентет?**

– Таасирлене турган көп нерсе бар. Ар бир адамды таасирленткен нерсе – бул жамандык. Мен сезимталдуулукту, билим менен илимди, бирөөдөн уккан же көргөн жакшы нерсени Кудайдан тилейм. Кыйынчылык башка келгенде гана ойгонуу жаман нерсе. Көпчүлүк убакта байкелерим, туугандар, ата-энем жана досторум менен кеңешем. Кеңеш аркылуу чечилген иш ийгиликтүү болот. “Кеңешип кескен бармак оорубайт” деп коёт эмеспи.

**– Акыркы убакта диний көз караштагы “Субхан Аллах” ырыңыз чыкты. Эмне себептен диний ырга кайрылдыңыз?**

– Музыка адамдын ички дүйнөсүнө түздөн-түз таасир тийгизет. Мисалы адам музыка угуп, эргип таасирленет. Таасирленген адамдын көңүлүн туура жакка буруу – ырчынын да жоопкерчилиги. Эгер өткөн 100, 200 жылга кылчайып карай турган болсок, акындар Жеңижок атабыздын “18 миң ааламды бир жараткан бир Алла” деген чыгармасы, Токтогул Сатылганов атабыздын санат-насаат ырлары менен коомчулукту туура нукка бурганга аракет кылышкан. Менимче чыгармачыл адамдардын, маданият кызматкерлердин негизги жоопкерчилиги ушул. Сүйүү жөнүндө чыгармаларды ырдабайм деп айта албайм. Анткени бул ырдын да орду бар. Дагы кандай темаларга кайрылаарымды убакыт көрсөтөт.

**– Сизди бул жашоодо эмне сүйүндүрөт жана өкүндүрөт?**

– Кудайга шүгүр өкүндүргөн нерсе боло элек. Ал эми сүйүндүргөн нерсе – кылып жаткан ишим жагат. Жакын адамдарым сүйүндүрөт.

**– Чарчап турганда дем, күчтү кантип аласыз?**

– Көпчүлүк убакта жаратылышка пикникке чыгып, шишкебек жасап, достор менен сүйлөшүп, ырдап дем күч алабыз. Менин жумушум музыкага байланыштуу болгондонбу, музыкадан эс алам. Элдер музыка угуп эс алса, мен ырдап эс алам.

**– Окууңуз тууралуу кененирээк айтсаңыз?**

– Эл аралык Ататүрк Ала-Тоо университетинде аспирантурада окуйм. Менин оюмча, адам өзүн бул жашоодо жакшы ырчы же кыйын актёр гана эмес, илимдүү, билимдүү инсан катары да калыптандырышы керек. Кээ бир адам жакшы ырчы, жакшы ырдайт, бирок сүйлөшө келсең көңдөй экени билинет. Бул жакшы көрсөткүч эмес. Өзүм экономистмин. Бул кесип кызыктуу, мага жагат. Бир убакта эки нерсени айкалыштырыш кыйыныраак экен. Бирок бир окумуштуу айткандай, адам кааласа, жана приоритеттерин туура коё алган болсо, окуганга, чыгармачылыкка, үй-бүлөсүнө да жетишет.

**– Экономист болуп иштейсизби же ырчылыкты улантасызбы?**

– Так айта албайм. Муну убакыт көрсөтсүн. Эки жыл мурун үнүмдү үзүп алып, алты ай такыр ырдаган эмесмин. Ошондон улам чыгармачылыгым басаңдай түштү. Эми акырындык менен кайра калыптанып келе жатат. Бирок толугу менен калыптана элек. Ошол себептен “мынча жыл ырдайм” деп айта албайм. Экономист билимиме келсек, ал мага өмүр бою кызмат кылат деген ойдомун.

**– Жаңы чыгып келе жаткан жаш ырчыларга кандай кеңеш берет элеңиз?**

– Мындан беш жыл мурун жаш ырчы катары мага кеңеш беришчү эле. Жаштардын арасында мага салыштырмалуу таланттуу, акылдуу, музыкалык билими бар ырчылар көп. Бирок алар эмнегедир таанылган жок. Бул дагы Кудайымдын буйругу экен. Ар бир адам өзүнүн деңгээлиндеги чыгармачылыкка ылайык. Эгер адамдын оюнда жалаң сүйүү болсо, сүйүүнү гана ырдайт. Спорт оюнда болсо, спорт жөнүндө ырдайт. Адам өзүнүн көкүрөгүн, жан дүйнөсүн байытса чыгармачылыгы да өркүндөйт. Эгерде буйрубай жатса “кырк жашка чыкканга чейин эле ырдайт элем” деп жүрүүнүн кажети жок. Кудай таалам балким башка жактан жолун ачып койгондур. Изилдениш керек.

> Кыйынчылык башка келгенде гана ойгонуу жаман нерсе.



**– Кыргызстандын келечегин кандай элестетесиз?**

– Эч ким жаман элестетпесе керек. Жакшы, өнүккөн мамлекет катары көргүм келет. Бизге билимдүү жаштар керек. Билимдүүлүк да аздык кылат экен. Аны менен бирге ыйман да керек. Кээ бир балдар чет өлкөдөн окушту, Кыргызстанга келди “маянасы аз” деп кайра чет жакка кетип калышты. Балким ошол балдар өлкөсүн көбүрөөк ойлосо Кыргызстанга өз салымын кошот беле. Бизде көрө албастык, тууганчылык деген чоң көйгөйлөр бар. Мисалы, бизнесмен иш ачса, жакшы кадр издебейт. Фирмасына туугандарын толтуруп алат. Албетте, бизнеси өркүндөбөйт. Бул нерсени мен аспирант катары айтып жатам. Биз бул тема боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп жатабыз. Шайлоолор жакындап калды. Шайлоого “мен өлкөмө жакшы нерсе кыла аламбы?” деген эмес, жөн эле “депутат болот элем” деген адамдар кетип баратканcыйт. Кореядан келген профессор “силердин өлкөңөрдө министрлер өз тармагынын адистери эмес саясатчы экен” деп айтты. Бул чоң артка тартчу нерсе. Экономика министри мамлекетти кыйын абалдан чыгарып кете алган кыйын адис болуш керек. Кудайга шүгүр, алтын муун келатат. Өлкө үчүн бекем турчу адамдар да аз эмес. Азырынча колунан көп нерсе келбесе да аракет кылып жатышат. Жүрөктөгү нерсени Кудай көрүп турса керек. Өнүгөт Кыргызстан, буюрса.

# А. Бекматов: “Биометрика жарандар жана мамлекет үчүн керек”

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

**– Шайлоонун мыйзамдарын кайра карап чыктыңыздар. Кандай өзгөрүүлөр киргизилди?**

– Шайлоо мыйзамдарын карап чыгууга элдин шайлоого болгон ишеними эң төмөн болуп кетиши себеп болду. Буга чейин 2005–2010-жылдагы өлкөдө болуп өткөн окуяларга ошол кездеги шайлоонун жыйынтыгы таасирин тийгизген. Бүгүнкү күндө элди шайлоого ишендирүү максатында шайлоо иштериндеги маселелерди чечүү аракеттерин көрүп жатабыз. Шайлоочулардын тизмеси чоң көйгөй болуп келген. Тирүү жарандардын тизмеде жоктугу, көзү өтүп кеткендердин тизмеде жүргөндүгү бул көнүмүш нерсе болчу. Өлкөдөгү ички жана тышкы миграция тизмелерди тактоого мажбур кылды. Биометрикалык маалыматтын негизинде шайлоого барууну көздөп жатабыз. Добуш берүүнүн формасын өзгөртүү керек болчу. Буга чейин шайлоо учурунда пачкалап бюлетендерди салган фактылар орун алган. Биометрикалык маалыматтын негизинде, бир жаранга бир жолу гана бюлетен салуу мүмкүнчүлүгү жаралат. Биометрикалык маалымат тапшырган жаран гана шайлоо укугуна ээ болот.



А.Бекматов

**– Ал эми заманбап технологиялардын артыкчылыктары кандай болот?**

– Буга чейинки шайлоодо адамдык факторлордун негизинде шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, административдик ресурстардын пайдаланышы, мамлекеттик кызматкерлердин шайлоонун натыйжаларына таасир эткен фактылар болуп келген. Ушул фактыларды жокко чыгаруу максатында шайлоо процессине автоматташтырылган эсептегич урналарды кошуп жатабыз. Бул автоматтык урналарды мыйзамдаштырдык. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, мамлекеттик кызматкерлердин шайлоонун жүрүшүнө жана натыйжасына тиешеси жок болот. Бул урналар бирден гана бюллетенди жута алат. Ал эми кайсы партия канча добуш алганын автоматтык эсептегич өзү берет. Бирок автоматтык эсептегичтен кийин кайрадан кол менен дагы санап чыгууну сунуштадык. Мындан сырткары шайлоо күрөөсү мурда 500 миң сом болсо, азыр 5 миллионго чейин көтөрүлдү. Бул өлкөдөгү көптөгөн партияларды биригүүгө мажбурлай турган процесс. Саясатта салмагы бар, чыныгы саясий күчтөр таймашууга келсин деген максатта күрөө жогорулатылды.

**– Күрөөнүн жогорулашы парламентке жалаң акчалуу байлардын келип алышына шарт түзбөйбү?**

– Саясый күрөштө капчыгы да, билим деңгээли да болуш керек. Коомдо саясий салмагы болсо, 5%дан жогору добуш алууга күчү жетсе шайлоого койгон күрөөсү кайтарылып берилет. Ооба, айрым партияларга тоскоолдук болушу мүмкүн. Ошол үчүн шайлоо да. Электен иргелип реалдуу саясый күчтөр өтүшү керек.

**– Шайлоо босогосун талкуулагансыздар. Канча пайызга токтодуңуздар?**

– Буга чейин 10%дык босого сунушталып, бирок талкуудан өтпөй калды. Эми 9%дык босогону бекитүү сунушу берилди жакында парламентте каралат. Босогону көтөрүү дагы партиялардын биригүүсүнө алып келет. Бир жагынан босогонун пайызын жогорулатып, күрөөнү дагы көтөрүү ар бир партияга кыйынчылыктарды туудурат. Шайлоо деген оңой эмес, татаал болушу керек.

**– Биометрикалык маалымат берген жарандар гана шайлоого катыша алат деген принцип шайлоочулардын укугун бузууга жатпайбы?**



– Ооба мыйзамда ар бир 18ге чыккан жаран шайлоого укутуу. Бирок Жогорку Кеңештин депутатын жана президентти шайлоо мыйзамдарынын негизинде деп жазылган. Ошол мыйзамга биометрикалык маалымат тапшырган жаран гана шайлоого катыша алат деген норманы киргиздик. Жеке пикиримде жарандардын укугу бузулган жок. Биометрикалык каттоону шайлоого байланыштырып койгон туура эмес. Жарандардын биометрикалык базасын түзүүгө турмуш өзү мажбур кылып жатат. Мамлекеттин коопсуздугу үчүн, авиа кырсыктар, чек ара маселелери үчүн керек. Кылмыштуулук болгон учурда колдун издери керек болот. Биометрикалык маалымат аркылуу кылмышкерлерди табуу дагы оңой болот. Бул өлкөдөгү кылмыштуулукту кыскартат. Биздин жарандар, биометрикалык маалыматын тапшыруусу, мамлекеттин жана өзүнүн коопсуздугу үчүн дагы керек экендигин түшүнсө дейм.

**– Мамлекеттин биометрикалык маалыматтарды сактоодо ишенимдүүлүгүнүн кепилдиги канчалык?**

– Мамлекет тарабынан бул маалыматтарды ишенимдүү сактоо үчүн “Жеке мүнөздөгү маалыматтар” деген мыйзам бар ошол мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизип жатабыз. Мамлекеттик каттоо кызматынын базасында жарандардын маалыматы ишенимдүү сакталуусу боюнча кепилденет жана сактоо жоопкерчилигин жогорлатуучу мыйзамдарды дагы киргизебиз.

# 901 кишиге мунапыс берилет

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

Жогорку Кеңеште жашы жете элек балдарга жана аялдарга мунапыс жарыялоо демилгеси колдоо тапты. Аталган мыйзамга Президент кол койсо, жаза аткаруу жайларынан 901 адам бошотулат. Алардын 827си аял, 74ү жашы жете элек жарандар. Мунапыстан пайдаланып эркиндикке чыккандарды көзөмөлдөө өкмөткө жүктөлөт.

Жогорку Кеңеште кезектеги мунапыс жарыялоо демилгеси колдоо тапты. Беш депутат тарабынан иштелип чыккан мыйзам, буга чейин жарыяланып келген мунапыстан кыйла айырмаланып турат. Анткени бул демилге аялдарга жана жашы жете электерге арналган. Бул мунапыс эрезеге жете элек балдарга, жаш балдары бар аялдарга, кош бойлуу жана жашы 55тен өткөн аялдарга берилет. Мындан сырткары дагы бир нече категориядагы адамдарга, жаш курагына карабастан, мунапыс колдонулмакчы. Алар бир же андан ашык эрезеге жетпеген балдары бар көп балалуу энелер, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарга үй-бүлөдөгү жалгыз багуучу болгондор.



Ал эми оор кылмыш кылгандарга мунапыс колдонулбайт. Буларга киши өлтүрүү, адам сатуу, зордуктоо, террордук акт, каракчылык, кылмыштуу топту уюштуруу сыяктуулар кирген. Мындан сырткары мурдагы кылмыш иши кечирилип, же мунапыс менен эркиндикке чыгып, бирок кайра атайылап кылмыш жасаган бөтөнчө коркунучтуу кылмышкерлер бошотулбайт.

Жыйынтыгында, аталган мунапыс мыйзамынын долбоору үчүнчү окууда 105 добуш менен кабылданды. Мыйзамга Президентибиз кол койсо, расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет. Бүгүнкү күндө 958 аял жана 75 жашы жете элек кылмышкер жаза алып жатышат. Булардын ичинен 901 адам амнистияга туш болот. Алардын 827си аял, 74ү жашы жете элек кылмышкерлер. Мунапыстан пайдаланып чыккандарды көзөмөлдөө Өкмөткө жүктөлөт. Акыркы жолу амнистия 2014-жылы жарыяланган. Анда Адам укуктарынын декларациясынын 65 жылдыгына карата чыккан мыйзамга өлкөнүн Президенти кол койгон. Ага ылайык 4500дөн ашык адамга мунапыс берилген.



# Эльмира Кабатай кызы: "БАЛЕТТИН ПИАРЫ – УЧУРДУН ТАЛАБЫ"

Дүйнөлүк классикадагы "Баядерка", "Жизель", "Саманчынын жолу", "Лебединое озеро", "Шахерезада" жана башка спектаклдерде башкы ролду аткарып, балеттин тилинде окуяны көз алдыга бүгүнкүдөй чечмелеп берген А. Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера жана балет театрынын солисти, балерина Эльмира Кабатай кызы кыргыз балетинин күнгөй-тескейи тууралуу биз менен ой бөлүштү.

АЙЗИРЕК УРМАТБЕКОВА

**– Элмира айым, азыркы учурдагы экономикалык кыйынчылыктарга карабай кыргыз балети өзүнүн репертуарларын улам алмаштырып, спектакльдерди тынымсыз эле коюп келет. Сиздердин эмгегиңиздерди баалап, сүйүп келген көрөрмандарыңыз бүгүнкү күндө көп элеби?**

– Азыр көрөрманыбыз мурдагыга караганда көбөйүп калды. Чет элдик коноктор да дайыма келишет. Алардын алдыңкы катарда олтуруп көргөн учуру көп болот.

**– Балет өнөрү дегеле искусство өнөрлөрүнүн ичинен эң татаалы болсо керек. Себеби кинодо жана театрда артист каармандын образын сөз менен жаратат эмеспи. Ал эми балетте кыймыл-аракет менен гана каармандын ички дүйнөсүн ачып бериш керек. Деги балетте образ жаратуу үчүн чыгармачылык изденүү кандай жүрөт? Ушул тууралуу кеп салсаңыз?**

– Жаңы спектакльге даярданууда албетте, алгач каармандын бийлей турган кыймыл-аракеттерин жаттайм. Ал эми образдын ичине кириш үчүн кадимкидей эле чыгармачылык изденүүнүн түйшүгүн тартам. Мисалы, Толгонай эненин ролун аткаруудан мурда чыгарманы кайра-кайра окуп чыктым. Дегеле образды жаратуу үчүн чыгарманы окуп гана тим болбостон, киносу болсо аны да көрүп чыгамын. Аткара турган каармандын эмоциясын өз ичинден издей баштайсың. Эгерде эмоциясы жок жөн эле бий болчу болсо, бул тек гана техника болуп калат, каармандын ички дүйнөсүнө кирип, анын психологиясын ачып бере албай каласың.

**– Азыркы күндө кандай шартта иштеп жатасыздар?**

– Биз учурда шарты жок эле иштеп жатабыз. Негизинен артисттер ийне-жибине чейин камсыздалышы керек. Бирок көбүнчө өз чөнтөгүбүздөн каражат бөлүп иштегенге туура келет. "Эптештирип" эле жүрөбүз. Костюмдарды өзүбүз тигебиз, себеби эски айрылган кийимдерди кийип чыккандан уяласың. Жаңысын алууга каражат жетишпейт. Сахнанын суугунан жакшы бийлей албай калган учурлар болот, кээде суукtan ооруп да калабыз. Суук сахнада бут муздап, булчуңдар иштебей калат.

> …образды жаратуу үчүн чыгарманы окуп гана тим болбостон, киносу болсо аны да көрүп чыгамын.

**– Орусиялык белгилүү балерина Волочкова биздин театрга келип: "Бул полдо бийлей албайм, оңдоп бергиле", – деп айтыптыр деген каңшаар кеп тараган эле. Ушунун чындыгы канчалык?**

– Волочкова атайын бийчилерге ылайыкталган өзгөчө технология менен жасалган линолеум эмес кадимки эле, үйлөргө төшөй турган линолеум эле салдыртып кеткен. Ал эми сахнага атайын бийлөөгө ылайыкталган линолеум төшөлөт. Ал өтө кымбат турат. Бирок биз ошого деле аябай кубангандбыз. Тилекке каршы, ал линолеумубуз көпкө чыдаган жок. Ал линолеум картага айлангандан кийин, эптеп мамлекеттен каражат табылып тиешелүү линолеум салынды. Совет мезгилинин учурунда сахна жыгачтан эле жасалган болчу. Ал жыгач пол улам сүрүлүп, каралып турбагандыктан, бийлегенде буттарыбызга жыгач-тикенектер кирип кыйналчубуз.

**– Азыркы учурда мурункудай Бүбүсара Бейшеналиева, Чолпонбек Базарбаев, Рейна Чокоева, Айсулуу Токомбаевадай коомго белгилүү балет бийчилеринин атын уга бербейбиз. Бизде чын эле таланттуу бийчилер чыкпай жатабы же балет өнөрүн таанытуу,рекламалоо каралбай жатабы?**

– Мурда совет мезгилинде театр чоң репертуар менен иштесе, азыр шарттын жоктугунан репертуарыбыз кыскарып кеткен. Ошондуктан дүйнөлүк классикадагы спектакльдерди кайра-кайра кайталап койгонго туура келет. Ал эми улам жаңы ролду аткаргысы келген артисттер үчүн мындай кайталанма нерселер кызыксыз болуп, айрымдары кетип да калып жатышат. Эгерде алар кайтып келсе, балким балет жакшырмак. Бизде рекламалоо, пиар боюнча адис бар, чет өлкөдөн өнөр адамдары келгенде жигердүү иштейт. Чындыгында эле балетти пиарлоо учурдун талабы болуп жатат.



**– Азыркы күндө балетке тагдырын байлап келген таланттуу, өзгөчөлөнгөн жаштар барбы?**

– Азыр айрыкча, эркек балет бийчилеринин көп болгондугу кубантат. Анткени мурда алардын саны аз болчу. Тилекке каршы, биздин өлкөдө маяна аз болгондуктан, бийчилерибиз башка өлкөлөргө кетип калып жатышат. Эгерде алар Кыргызстанда калып, жаш бийчилерди окутуп, тарбияласа, өлкөбүздө балеттин өнүгүшүнө абдан чоң салым болмок.

**– Бүгүнкү күндө балетти өнүктүрүү үчүн эмне кылыш керек деп ойлойсуз?**

– Биринчиден, учурда 6000 сом маяна көп нерсеге жете бербейт. Бийлегенге абдан көп энергия кетет. Бийчи үчүн энергия абдан маанилүү. Кубатың алсыз болуп, энергияң жетишпей турса, кайдан жакшы бийлейсиң. Ошондуктан жакшы тамактанып, курамында белок бар азыктарды, мөмө-жемиштерди көп жешибиз керек. Канчалык жакшы тамактансак, канчалык энергиябыз көп болсо, залга ошончолук импульс беребиз. Экинчиден, башка өлкөлөрдөн балетмейстерлерди чакырып, алар менен иштешүү менен жергиликтүү балетти өстүрүү да дүйнөлүк практикада арбын колдонулуп келет. Биздин театр да ушул жагын колго алса, жакшы болмок. Азыркы учурда Талант Осмонов 4-5-спектакльди коюп, жок дегенде бий жагына стимул берип жатат. Ошондой эле көрөрмандарыбыз театрыбыздын www.operabalet.lg.kg сайтына: "балетти өнүктүрүүгө биз да колубуздан келишинче салым кошсок" деген пикирлерин жазып турушканы да бизге дем-күч берип келет.



# Күлүккө чапкан жылкылар өтө морт болушат

**Ат - адамдын канаты демекчи, кыргыз баласы байыртадан жан-жаныбарлардын ичинен жылкы баласына ынак келет эмеспи. Сөз учугун Камбар-Атанын тукуму болгон жылкы жаныбарын сүрөттөөдөн баштасак туура болот.**

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ

*Кара байыр казанат.*
*Калбыр өпкө жез канат.*
*Өңү кула, кара жал,*
*Өзгөчө сонун бу бир мал.*
*Чаткаягы чаткалдай,*
*Жүрүп кетсе чатына*
*Жүктүү төө баткандай,*
*Желип кетсе жүрүшү*
*Жебенин огун аткандай,*

– деп Манас атабыздын Аккуласын өткөн доордун залкар жомокчусу Сагымбай Орозбаков өзүнүн айтуусунда эпостун тулку боюна бекеринен туташтырып кетпесе керек.

Кыргыз элин кылымдардан-кылымга үстүнө мингизип, качкан жоосунан куткарып, кууган жоосуна жеткирген жылкы баласы. Себеби, кыргыздар үчүн жылкынын мааниси чоң. "Ат, аттан кийин жат", "Акырзаман – аттан ажыраган жерде", – деген сыяктуу макал-лакаптар бекеринен чыкпаса керек.

Учурда кыргыз спортунда жанданып келе жаткан ат оюндары ат жандуу кыргыздарды кайдыгер калтырбай, жылкы баласына өзгөчө мамиле кылып келе жатканын Бишкек шаарында жайгашкан Ат майданынан өз көзүбүз менен байкап, сарсеп салып кайттык. Гезитибиздин бул рубрикасынын каарманы болгон Батыркулов Насыр аттуу саяпкер жигит бизге жылкы баласынын мүнөзү жөнүндө кызыктуу аңгеме куруп берди.

**– Насыр, бул жерде иштегениңе канча жыл болду?**

– Эс тарткандан бери жылкыга кызыгып, күлүк таптагандын сырларын ушул жерде үйрөндүм. Бала кезимен бери ушул ипподромдо жүрөм. Саяпкерлигиме 6 жыл болду.

**– Күлүктү тапташ үчүн эмнелерди жакшы билиш керек?**

–Биринчиден жылкынын түп жайын жакшы билиш керек. Асыл тукум жылкылар, таза кандуу жылкылар, чалыш жылкылар деген бар. Булардын ичинен таза кандуу жылкылардын мелдештерде байгелүү орундарды камсыз кылары турган иш.

**– Биз көрүп турган бул жылкылар кай жерден алынып келген?**

– Булардын көпчүлүгү Орусиядан алынып келген. Биз Владимир, Орлов жылкыларын таптап жатабыз.

**– Сиз таптап жаткан жылкылардын ичинен байгелүү орундарды алып жүргөндөрү барбы?**

– Ооба. Бар эмей анан. Мына сиздер көрүп турган мынабул Талант аттуу асый чыкма (төрт жаштагы) күлүк Кара-Балтадан биринчи орунду алып келген. Буюрса Ысык-Көлдөгү сезондун ачылышына карата өтө турган ат чабышка катышып, байгелүү орун алып келебиз го деп ниет кылып турабыз. Андан сырткары Эгемендүүлүк күнүнө жана Кыргызстандын кайсыл аймагында болбосун өтө турган ат чабыштарга даяр турабыз. Ошондуктан, аттарды күндө кыл табында кармап туруу үчүн, талыкпаган мээнет кылуудабыз.



**– Эл ичиндеги жылкылардан күлүк чыгышы мүмкүнбү?**


– Нукура күлүктөрдүн чыгышы анын канына байланыштуу болот. Карапайым жылкылардын ичинен карылуу жылкылар чыгышы мүмкүн. Бирок алар күлүккө жарабайт. Андай жылкыларды улакка салса болот.

**– Улакка салган жылкы менен күлүккө чапкан жылкылардын айырмасы эмнеде?**

– Улакка түшкөн жылкылар карылуу келип, денесинин ооруганын көп сезе бербейт. Алар табиятынан бышык келишет. Ал эми күлүккө чапкан жылкылар өтө морт болушат. Непадам бир жерин кокустатып алган болсо, далайда барып мал болушат. Күлүктөр өтө назик келишет. Ошол себептүү буларга өтө аяр мамиле талап кылынат. Башка жылкылардан да оолак кармаганыбыздын себеби ошол.

**– Кызыктуу маек куруп бергениңизге чоң рахмат. Күлүктөрүңөр байгелүү болсун – деп иштерине ийгилик каалап, биз болсо өз жолубузга түштүк.**

*Жолду карай келатып, бабаларыбыздын жомоктордо айткан: "Оорукта калса чарчабас, алты ай жүрсө арыбас, Адырда жылкы алабаш, аргымак буудан аралаш" - деген саптары жанымды эзип, көөдөнүмдү буркуратып жиберди. Дегиңкиси, тулпар, буудан, дулдул, аргымак, күлүк, жорго деген жылкылар кандай болоруна фантазиям жетпей, "Алп Манастын" алп саптарынан чындык издеп, эпикадан турмуштук чындыкты көздөй сапар улаганы калдым окшойм...*




# Бийи да, букарасы да, чет элдиги да жер талап келүүдө

**Бишкекте жаңы конуштар көбөйүүдө. Ал жерлердин кээ бирлери мыйзамдуу берилсе, айрымдары басылып алынган. Борбордун сыртында гана эмес чок ортосунда да жерлер басылып алынган. Маселен Ата-Түрк гүлбагынын баштапкы аянты 107 гектар болсо, кийин ал 74 болуп калган. Борбордогу сейил бактардын кемишине аткаминерлердин тиешеси бар деп айтылып келет. Жер талаштын күңгөй тескейи жөнүндө, 25 жылдан бери жер бөлүү маселесинин ичинде болуп келген, "Үй куруучулар" партиясынын жетекчиси Абдразаков Бейшенбектин ой-жорумун сунуштайбыз.**

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

Бишкектин тегерегине 1989-жылдан бери 47 жаңы конуш түшкөн. Алардын баары мыйзамдаштырылган. Мыйзамсыз делгендер, 2005-жылдан кийинки жаңы конуштар. Мыйзамдуу берилген конуштарда элдер жакшынакай эле жашап атышат. Ал эми "Ак жар", "Алтын казык" жана аэропорт жакта, ТЕЦтин айланасындагы жаңы конуштарда маселе бар. 2010-жылдан кийин Аламүдүн, Сокулук райондорунда жаңы үйлөр пайда болду. Мындан сырткары Чүйдүн Бишкекке жакын айдоо аянттары дагы сатылып кетип, учурда үйлөр салынып жатат.

Жер таламайдын бир нече себеби бар. Союз урагандан кийин мамлекеттик турак жай программасы жок болгон. Өкмөт көп кабаттуу үйлөрдү салбай, эл үйү жок калды. Жумушсуздуктун айынан жети областын эли шаарды көздөй акты. Кийинки көйгөй коррупцияга байланыштуу. Бийлик башындагылар карапайым элди курал кылып колдонот. "Бул жерге элди чогулт. Анан мага 8–9 миң доллардан жыйнап келесиң, анан сага уруксат кагазын алып берем" дейт. Коомдогу адилетсиздик дагы жер басып алууга себеп. Эл "Бул жерде Айдар Акаевдин 500 гектары бар, мында Данияр Үсөновдун мынча жери бар" деп баарын билет.

Мыйзамсыз иштер 1989-жылкы алгачкы жер алуу убагында эле башталган. Апсамат Масалиев раматылык "Москвадан уруксат сурашыбыз керек" деп жер бербей койгон. Биз "өз элибизде, өз жерибизде жери жок жүрөбүзбү" деп болбой эле басып алганбыз. "Ак-Өргө" жайгашкан жерди басып алган талаада жүгөрү, буудай өсчү. "Бакай ата" жайгашкан жерде беде өсчү. Өкмөт бизден суранды "кичине коё тургула биз буудайды, бедени чаап алалы" деп. Биз июль-августка чейин күттүк. Алар чаап алгандан кийин басып алдык. Кийин мыйзамдаштырылды. Бирок ал жылдары жер сатуу жок болчу. Жер сатуу 2005-жылдан кийин башталган. Бир жылдын ичинде 15 миң сотик жер бөлүштүрүлгөн соң Бишкекте 16 жаңы конуш пайда болгон. "Жер алам" деген киши буга чейин Бишкекте кеминде 10 жыл жашаш керек эле. Жашаган жана иштеген жеринен "турак жайы жок" деген справка талап кылынчу. 2005-жылдан кийин өкмөт бул мыйзамды жокко чыгарган. "Жарандык паспортунун көчүрмөсү болсо, жер берилсин" деген токтом киргизилген. Жер берүү тартиби бузулган. Буга бийлик дагы кызыктар болгон, себеби революцияга чыккандарга жер бериш керек эле. Адамдарды жети дубандан алып келген да. "Революция кылгыла, анан 3 күн, 3 түн Бишкек силердики, анан баарыңарга 5 сотиктен жер беребиз" делген. 2010-жылдан кийин деле революция кылгандарга 1 миллион сомдон, бир квартирадан берип атпайбы. Революция деген бизнеске айланып калды. Эл да кызыктар "бат-бат революция болсо, миллион, квартира же жер алып турсак" деп.


Ата-Түрк паркында мыйзамсыз үйлөр салынган. Алардыкы мыйзамсыз болсо да, эч ким тыя албайт. Буга Президент, сот, прокурорлор киришти, бирок эч ким эч нерсе кыла алган жок. Азыркы келген мэрдин бул паркта эки участкасы бар. Өзүнүкү жана атасыныкы. Мэр келээри менен аларды мыйзамдаштырып койду. Ошол эле убакта кепе салып алгандарды түрттүрүп жатат. Олигархтын үйлөрүнө тийе албайт. Эксковатор сүрүп жатканын сыналгыдан бир көргөзүп коюп эле, кетээри менен токтотуп койду.

Адилеттүүлүктүн жогунан эл да жер басып алууда. Чоңдорго да, элге да мыйзам бирдей болуш керек. Жаңы конуштагы үйдү түрттүргөндөй, Ата-Түрктөгү үйлөрдү дагы түрттүрүш керек. Ошондо гана мыйзам иштеп, адилеттүү башкаруу болот. Ата-Түрк паркында үй кургандар тууралуу Данияр Үсенов "аларга штраф салалы, акчасын төлөп жерди менчикке алсын" деген. Демек карапайым элдин жерлерин да мыйзамдаштырса болот.

"Чет элдик жарандарга жер жана кыймылсыз мүлк менчикке берилбейт" деген мыйзам кабыл алган. Бирок азыркы олтурган депутаттар ушул мыйзамды жокко чыгарды. Азыркы мыйзам боюнча, чет элдик жарандар жерди да, кыймылсыз мүлктү да ала беришет. Бул эң коркунучту мыйзам. Минтип кете берсе, 50 жылдан кийин кыргыздын баары көчөдө калат. Мисалы Ыссык-Көлдүн жээгинде башка улуттардын пансионаттары бар. Кыргыздар кире албай, айланып башка жагынан кирип келет. Мына ушундай жагдай 20-30 жылдан кийин Бишкекте болуп калышы мүмкүн. Бул мыйзамды жокко чыгарбасак кыргыз элинин келечегине балта чабат.


---

Бишкектин Курулуш департаментинин башчысы Самарбек Болотбековтун пикиринде, жер басып алууларга мыйзамдуу жаза колдонулбагандыктан бул көрүнүштөр уланып келүүдө. Мындан сырткары ал: "Жер басып алууну токтотуу жолу – мамлекеттик программа иштеп чыгуу. Мамлекет элге көп кабаттуу үйлөрдү салып, 10 жылга ипотекага бериш керек. Элди күнөөлөбөй, өкмөт биринчи өзү башташ керек. Ички миграцияны күнөөлөбөй, айылдагы жашоону оңдош керек", – –деген пикирин билдирген.



С. Болотбеков

Жогорку кеңештин депутаты Мирлан Бакировтун айтымында айыл чарба багытындагы жер ошол багытында иштелиши керек. «Айыл чарба багытындагы жер, айыл чарба багытында гана ишке кириши керек. Андай болбосо, келечектеги азык-түлүк коопсуздугуна доо кетет. Ар бир адам өз башына бир жер алууга укуктуу. Мыйзамды сыйлаган адам кезекке турат, кезеги келгиче өтүп кеткендер да бар. Убагы келгенде бийлик жерди бөлүп берип жатат. Мыйзамды тебелеп тепсеп кандайдыр бир жолдор менен жер тартып алгандар да жок эмес".



М. Бакиров

Жер маселеси боюнча укук коргоочу Бүайша Арстанбекова: "Булардын баары үлүш жерлери. Алар мыйзамдуу жеке менчик. Ошондуктан алар адамдын өзү үчүн мыйзамдуу. "Мыйзамсыз басып алган – баскынчы деген сөздүн өзү мыйзамсыз. Мурда ар бир кыргыз жараны үлүш болобу, айыл чарба болобу же курулуш багытында болобу төрт сотик жерди сатып алууга укугу болгон. Ушундай мыйзам бар болчу. Калк төрт сотик жерди сатып ала алат, ал баскынчы эмес", – деди.




М. Бакиров

Сокулук районунун 76 жаштагы Токтогонова Гүлайым апанын айтымында, мамлекет тарабынан бөлүнүп берилген 10 сотик үлүш жерин, прокуратуранын кызматкери мыйзамсыз тартып алган. «Балдарыма тийген жер болчу. Мен, чалым, эки кыз, бир балама тийген жер эле. Менин бир балам бар, 1-группадагы майып. Анын төрт баласы бар. Квартирада турат, ага акча төлөйт, үйү жок. Мына ушул 10 сотик жерге үй салып берели дегенбиз. "Карга карганын көзү чукубайт" деген чын экен. Жанагы Эркинбек, Урманали деген экөө оодарып коюп жатпайбы. Бизге тийген 10 сотик жерди 10 миң долларга сатып жибериптир».

# Омуртка үчүн көнүгүүлөр

Азыркы турмуш шартында көптөгөн адамдар бел оорудан жапа чеккендерине наразы болушат. Бел оору денибизге ыңгайсыздык жаратып гана тим болбостон, кебетебизди көрксүз да кылып коёт. Адамга сымбаттуу көрүнүш үчүн кайкайган түз бел жана салабаттуу келишкен басык керек. Мындай нерсеге жетиш үчүн бизге оорубаган мыкты омурткалар керек.




Эгерде сиздин белиңиз такай ооруса, омурткаларыңызды кармап турган булчуңдарга атайын көнүгүүлөрдү жасашыңыз керек. Бул үчүн абонемент алып, спортзалга баруунун кажети жок. Буга үй шартында өтө деле татаал эмес көнүгүүлөрдүн комплексин жумасына 2-3 жолу аткарып коюу жетиштүү болот.

1



1) Чалкаңардан жатып, желкеңерди жерге тийгизесиңер. Колуңарды түз сунасыңар. Бутуңарды тизеден бүгүп, төшүңөрдү көздөй тарткыла. Кайра мурунку калыбына келтиресиңер. Ушинтип бир нече жолу жасайсыңар.

2




2) Белдин булчуңдарын чоюу: колуңарды тизенин алдынан кармап, саныңарды көкүрөктү көздөй тартасыңар. Ошол эле маалда ээгиңерди эки тизенин ортосуна батырасыңар.

3



3) Белдин ийилчээктиги үчүн оң бутуңуздун алдын сол тизеңизге тийгизесиз.Бул учурда оң колуңузду жерге түз сунуп турасыз. Тизеңизди жерге кысып туруп, башыңызды карама-каршы тарапка бурасыз.

4




4) Мышыктын омурткасы: Тизелеп туруп, алаканыңар менен жерди таянасыңар. Белиңерди өйдө-төмөн ийгиле.

5



5) Омурткаларды чоюу. Чалкаңардан жатып, сол бутуңардын таманын оң саныңардын үстүнө койгула. Сол тизеңерди сыртка багыттап, саныңарды өзүңөрдү көздөй тарткыла. Ушул эле көнүгүүнү экинчи бутуңар менен кайталагыла.

6




6) Классикалык көнүгүү. Акырындан денеңерди тизеңерди көздөй көтөргүлө. Колуңарды денеңердин тушунда кармап, башыңарды көтөрүңкү абалда кармагыла.

7




7) Ийиндер үчүн көнүгүү: Сол бутуңардын таманын оң тизеңерге койгула. Оң ийиниңерди сол тизеңерди көздөй тарткыла. Кийинки аракетти тескерисинче кылып, оң таманыңарды сол тизеңерге коюп, сол ийиниңерди оң тизеңерди карай көтөргүлө.

8



8) Капталдап жасай турган көнүгүү: Сол чыканагыңар менен жерге таянып, ушул акыбалда тизеңерди артты көздөй бүктөгүлө. Оң колуңарды саныңарга таяп, жамбашыңарды жогору көтөрөсүңөр.

9



9) Валик менен жасай турган көнүгүү: Тизелеп туруп, валикти курсак булчуңдары менен кыскыла. Эки колуңар аркаңарда тартышкан абалда болсун. Жамбашыңарды томукка тийгизбей кармап, белиңерди түздөгүлө.

10



10) Курсак булчуңдары үчүн: Көмкөрөңөрдөн жатып, бир эле учурда курсактын жана жамбаштын булчуңдарын түйгүлө. Сунулган колдоруңарды жогору карай акырындык менен көтөрүп, ошол эле учурда далыңарды артка багыттагыла.

# Айкөлдүн түрдүү сүйүүсү-2

## Айкөл менен Руслананын акыясы

(КООМДУК-САЯСИЙ САТИРА)



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

- Айколь, дорогой, кандайсың?

- Айколь эмес, Айкөл деп айт. Айкөл менин атым.

- Ну койчу эми жаным. Аны айта албай калып атам кээде. Андан көрө айтчы, биз бактылуу болобуз туурабы? Мына сен жер айдайсың, мал багасың. Сенин жериң аябай сонун. Тигил жагында мөмө жемиштин баарын өстүрсөң болот. Бул жагына мал багасың. Шаркырап аккан сууң да турат. Тоолоруң бар. Ошонун баарын иштетишиң керек. Анан акчаны чогултуп эле мага берип турсаң. Өзүң чогулта албайсың да, туурабы. А мен тыкыйтып чогултуп турам. Анан ашканына мага кымбат кымбат алтындарды алып бересиң. Кымбат баалуу шубаларды кийгизесиң. Күнүгө жаңы союлган эттен куурдак жасап бересиң. Анан экөөбүз ээрчишип алып конокторго барабыз. Элдин баары бизди карап кандай гана бактылуу түгөйлөр деп суктанышат. Ушундай эмеспи туурабы? Милый мой.

- Туура, дечи. Туура го. Бирок, ойлонсоң менин атамдар эмне дешер экен?

- Ой койчу жаным. Атаң эмне демек эле. Ар бир адам өз камын өзү көрүшү керек. Сен эми чоңойдуң. Мына жыйырма төрттөн аштың. Каалагандай жериңди иштетип, каалаган жагыңа коротсоң болот. А мен сени эч качан жаман жакка түртпөйм. Ушу сени гана ойлоп жүргөнүм калппы. Кээде, жаман таарынып кетем сага.

- Ой жаным, эмнеге таарынып кетесиң. Мен эмне кылдым?

- Жо эми кээде болот да. Мисалы мен сени гана ойлоп турам. Ата-энеңе тамга таанытгым. Үйүңөргө чырак алып келип бердим. Жолуңарды шыпырып, тазалап бердим. Тамак жасаганды үйрөттүм. Кийим тиккенди үйрөттүм. Көп нерсе үйрөттүм, бирок дагы эле мени баалабайсың.

- Койсоң Руслана. Эми ушул сөздү баштабай эле койсоң болмок. Анда мен деле сага таарынам.

- А сен эмнеге таарынат элең? Эмне кылдым сага, айтчы?

- Жаным угуп тур. Негизи айтпай эле койойун дегем. Бирок мынча болду айтып койойунчу. Мисалы, сен тамга тааныттым деп атпайсыңбы. Бирок, эми аны сен болбосоң деле баары бир таанымакпыз. Эми сенин ата энеңдин тамгасын таанибасак наркы айылдын тамгасын таанымакпыз. Же тигил өзүбүз билген чыгыш тамгасы менен деле жашай бермекпиз. Кыскасы, аны айта бериштин деле кереги жок. Замандын агымы өзү баары бир бизди тамга таанытмак деп ойлойм.

- Ким билет? Балким тигил Афгоня кошунаңдай болуп жапайы бойдон калмаксың.

- Афгоня дейсиңби? Ой алардын башын силер айлантпадыңарбы? Океана экөөң улам бир жагынан чыгып, талашып атып.

- Ии макул. Мейли аны айтпай эле койолучу. Короондун тазаланганын, жолдорун, койдун жүнүн, пахтанын кебезин кийим кылганды ким үйрөттү силерге? Мен үйрөттүм го.

- Ооба, аны да үйрөттүң. Бирок, ошонун баарын менин ата-энем байкуштар бүт сага берип атты. Мына тээ биз таанышкандан бери эле биз силерге берип атабыз, берип атабыз. Кой сойсо өзүбүзгө төшү менен эле ичеги кардын алып калат. Калганын бүт силерге берет. Апам байпак түйсө мага кийгизбей туруп силерге салып иет. Пахтаны атам оргон бойдон силерге жиберет. А мен эмне бир шым менен эле чоңойдум. Агамдын шымы батпай калса мен кийип, мага батпай калса иним кийип чоңойдук. А силер жыргап, кооздоп кийинип алып, конокторго барып, элге мактанып, тим эле айга учуп аттыңар го.

- Ой Айкооль, сен ушунтип таарынып жүрдүң беле? Эгер менин ата-энем болбогондо, силер жапайы бойдон жүрмөксүңөр. Таарынба, бирок чындык ушундай да жаным.

- Күлкүмдү келтирбечи, Руслана. Кайдагы жапайы? Менин ата-энемди жапайы дейсиң, а чынында ошол убакта элдин баары эле жапайы болчу. Негизи бирөөнү бирөө жапайы деп айтпашы керек. Себеби, ар ким өзү каалагандай, өзүнө жаккандай жашаш керек туурабы. Биз ошондо эле өзүбүз каалагандай жашачубуз. Биз өзүбүз каалагандай ырдап, өзүбүз каалагандай көчүп конуп жүрчүбүз. Эч кимге зыяныбыз тийчү эмес. Ээх, сонун жашоо болчу да...

- Биз эмне болуп жапайы болуптурбуз? Илимдүү, билимдүү эле жакшынакай жашап атканбыз.

- Руслана, мени билбейт дейсиңби? Маданиятыңарды көрдүк го. Ичкилик, баңгилик, көрө албастык, балтаңбай-шалтаңбайлык, оройлук, балиттик, куулук-шумдуктун баары силер менен келбедиби? Менин ата-энем ыйман-ынсаптуу, ток пейил, кең пейил, айкөл, намыстуу, абийирдүү, улууга ызат, кичүүгө урмат кыла билген, таза жүрүп, таза жашаган адамдар болчу. Колуна тийгенди оозуна алып барбаган, арамды адалдан, акты карадан айыра билген эл болчу. Өзүнүн каада-салты, нарк –насили бар болчу. Кыскасы, мен мунуңа такыр кошула албайм.

- Салт дегениң традициябы? Ал бизде деле бар дечи. Э мейли аны мындай койолучу. Биз силерди кошунаңар менен урушуп атканда келип сактап калбадыкпы...

- Кайсы кошуна? Коконяларбы? Алар анча деле коркунучтуу эмес болчу. Аларга караганда силер келгенде катуу кыйналдык. Ажылдаган чоң чоң иттериңер бар экен. Койо берип жибердиңер эле, мындайды көрбөгөн жаныбыз Чайнагүлдүн ата-энесинин үйүнө чейин качып бардык. Жолдон иттериңер талап, ошол тиштеген жерлер эмгиче айыга элек. Айыкпайт го деги. Бирок, ошондо да силерге таарынган жокпуз. Кийин, биз деле силерди сактадык. Силердин айылдагы экинчи чоң чабышта биз аябай жардам бербедикпи? Негизи аны Атамдын Үйүн Коргоо чабышы, же Экинчи Жалпы Чабыш деп айтып жүрөбүз. Бирок, биздин такыр тиешебиз жок болчу. Ал биздин эмес, силердин атаңардын чабышы эле да. Силер айыл-айыл болуп чабыштыңар. А биз силерге ишенип, силерди аяп болуша кеттик. Ачка калганыбызга карабай, токмок жегенибизге карабай болуштук. А силер азыр аны эстебейсиңер дагы.

- Эстейбиз, дорогой. Капа болбочу. Эстейбиз. Рахмат силерге. Кел эми сөздү буралычы. А то кечке эле силер, биз боло берет экенбиз. Кел андан көрө, келечекти сүйлөшөлү. Кана сен быйыл канча жер айдайсың? Канча малың бар?

- Эми болгон жердин баарын эле айдайм. Малды болсо көбөйтүш керек.


- Туура. Сен малды көбөйт. Бизге мал керек. Арпа, буудай керек. Биз буюрса жакшы үй бүлө болобуз.

- Ооба. А сен кайда барасың? Мага кичине жардам бербейсиңби?

- Ии жаным. Койо турчу. Бүгүн конокко барышым керек эле. Эртең силерди тособуз, келбей койсоңор билесиң, биздикилерди ээ, жаным. Мен шашып атам. Сен өзүң иштей бер. А мен сага ырдап берем макулбу?

- Мейли. Болуптур анда. Мен ойлонуп көрөйүн...

Бөлмө аралык ЭШИКТЕРДИ жана ТЕПКИЧТЕРДИ буйрутма алып жасайбыз. Тел.: 0700-69-45-01, 0770-60-99-06



GREEN CITY
eco hotels & resorts




*Отель Greencity проспект Мира, 16*

*Услуги:*
*Аренда конференц зала, вместимостью до 50 чел.*
*SPA (сауна, хамам, все виды массажа)*
*Ресторан (фуршеты, банкеты, бизнес ланчи, кофе-брейки до 50 персон)*
*+996 312 87 87 50*
*+996 559 87 87 50*

Нурсалам
кафе • чайкана

Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге
**Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595**
Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет

СТРОИТЕЛЬНАЯ КОМПАНИЯ
D·CENTER
КУРУЛУШ КОМПАНИЯСЫ

**+996 312 93 98 88**
**+996 552 94 26 96**
**+996 778 93 98 88**
**www.d-center.kg**



**33 000 $дан баштап батирлер жана кеңселер 12 айда бөлүп төлөө мүмкүнчүлүгү менен**

Салон белорусской мебели **"Э-Лира"**
Адрес: г. Бишкек, ул. Ахунбаева, д. 48 (угол ул. Бектенова), тел.: +996 /312/ 88 09 84, моб.: +996/550/ 70 44 88




# Прайс-лист

“Саресеп” гезитине модулдук реклама жана PR материал берүү үчүн

| **Модулдук реклама:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
| --- | --- |
| 1-бет | 30 сом, |
| Түстүү беттерде (8-9, 16-беттер) | 25 сом, |
| Эки түстүү беттерде | 15 сом, |

*Модулдук рекламаны жасоо +30%*

| **PR-материалдар:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
| --- | --- |
| Түстүү беттерде (1, 8-9, 16-беттер) | 25 сом, |
| Эки түстүү беттерде | 20 сом, |

**Кыргызчага которуу +20%**
**Гезиттин журналисти тартылса +20%**

Гезит ээси – ЖЧК “Горизонт Медиа” Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Жаркын Жаныбек кызы.

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Даткайым Азамат кызы, Гульмейиз Акматали кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Бегайым Аскарбек кызы

**Реклама жана маркетинг:**
Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** “Горизонт Медиа”

**Дареги:** Бишкек ш.,
И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 25-22-52
Пикир айтуу үчүн E-mail:
saresepkg13@gmail.com
www.saresep.kg

Facebook: Саресеп гезити

**Нускасы:** 5500
**Буйрутма №**1288
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. “ММК колдоо борбору” фондунун басмаканасында басылды.